КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН  БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Э. УМЕТОВ АТЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ

Ураимов К.М.

# *Сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы көркөм окуунун практикуму менен*

**550 700 Педагогика багытында окуган студенттер үчүн**

## ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКС



**Жалал-Абад – 2023**

## *КИРИШҮҮ*

Бул окуу усулдук комплекс башталгыч класстардын окуучуларынын кебин өстүрүүнүн теориясы жана методикасын айкалыштырып үйрөтүүнү жана көркөм окуунун практикуму боюнча жалпы курсту окуткан окутуучулар жана окуп үйрөнүүчү студенттер үчүн түзүлдү. Программанын бардык негизги бөлүмдөрү боюнча лекциялык курстун жана практикалык сабактын толук программасы камтылган.

Бул курста студенттер – сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы менен кошо көркөм окуунун практикумунун мазмуну жана анын ар түрдүү усулдары жана аны колдонуунун ыкмалары менен таанышышат жана аны колдонууга үйрөнүшөт. Дисциплинанын максаттары, милдеттерин, сөз өстүрүүгө болгон талаптар, анын теориясы жана методикасы, текстке тилдик талдоо жүргүзүү, тектти көркөм окуу менен ар түрдүү эмоциялык абалдарды пайда кылуу жана аны талдоо менен окуучулардын тексттин үстүндө иштөөсүнө шарт түзүү маселелери каралат. Адабият теориясы жана адабий окуунун, тексттердин мазмунун окуп үйрөнүшөт.

Студенттер тексттин үстүндө иштөө процесстерин жана ал процесстердин жүрүшүн практикалык максатка ылайыкташтырып башкарууну изилдөө усулдарын жана тыным, басым, дикция, ритм сыяктуу процесстерди, б.а., сөз өстүрүүнүн, көркөм окуунун негизин түзгөн бардык шарттарды жана ал шарттардын өзгөрүүсүнүн себептерин изилдөөнү үйрөнүшөт.

Окуу усулдук комплексте ар бир лекциялык жана практикалык сабакта талкууланууучу суроолор суденттер ээ болгон билгичтиктер жана көндүмдөр, өз алдынча иштердин темалары берилди.

Бул эмгек студенттердин жекече иштөөсүндө предметти өздөштүрүүдө багыт берүүчү колдонмо болуп эсептелет.

Программанын негизинде студенттер өз алдынча интеграциялашкан сабактардын иштелмелерин түзүүнү өздөштүрүшүп, мастер- класс өтүү менен теориялык алган билимин практикада бекемдешет.

Окуу усулдук комплекстин ичиндеги мазмуну студенттин тексттерди окуп-үйрөнүү, алардын үтүндө иштөө, сөздүк менен иштөө процессин уюштурууга багытталып, окутуунун жаңы технологияларына таянат да, текст менен иштөөнүн технологияларын үйрөтүү менен окуучулардын кебин өстүрүү процессин оптималдаштырууну чагылдырат. Сунуш кылынган окуу усулдук комплексти түзүүдө Бекбоев И.Б., Сартбаев К.К., Мусаев С.Ж., Чыманов Ж. А., Эшиев А.М., Жаманкулова Г.Т., Рысбаев С.К., Сакиева С.С. жана башка окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды.

**Лекция №1**

**Тема:** ***Сөз өстүрүүнүн максаты жана милдеттери***

ПЛАН:

1. Сөз өстүрүү предметинин максаты, милдеттери.
2. Сөз өстүрүүнүн башталгыч мектептердеги мааниси.

**Өз алдынча иш:** *Сөз өстүрүүнүн башталгыч мектептеги орду жана ролу. (портфолио түзүү)*

**1. Сөз өстүрүү предметинин максаты, милдеттери.**

Баланын пикирлешүүгө болгон талабы педагогикалык талаптардын бири катары каралат. Сөз өстүрүү предметинин негизги максаты катары окуучулардын кебин өстүрүүгө болгон аракет каралат. Балдардын кебин өстүрүүгө карата тексттер менен иштөөдө терең анализ жасоо ар бир сөздүн лексикалык мааниси, этноними боюнча да карай турган маселе болуп эсептелет. Сөз өстүрүү үчүн алдыга коюлган максат окуучулардын кебин өстүрүү, бири-бири менен болгон байланыштын мазмунун тереңдетүү, тексттин үстүндө иштөө, тексттерди тандоо, тексттердин мазмунун салыштырып кароо, текстти көркөм окуу жана аны түшүнүктүү окууга шарт түзүү болуп эсептелет.

Башталгыч класстарда сөз өстүрүүнүн жана тексттин үстүндө иштөөдөгү ар кандай технологиялар колдонулат. Ал эми алдыга коюлган милдеттер булар:

- сөз жана анын мазмунун билүү;
- сөздөрдү туура пайдалануу;
- сөзгө мамиле түзүүнү үйрөнүү;
- текст менен иштөө;
- тексттин мазмунуна карата анализ жасоо;
- текстти көркөм окууга карата тандай билүү;
- байланыштуу кептин маанисин ачууга үйрөнүү;
- кептеги айрым маселелерди үйрөнүү.

**2. Сөз өстүрүүнүн башталгыч мектептердеги мааниси.**

Башталгыч класстардын окуучуларынын кебин өстүрүү эң негизги маселелерден болуп эсептелет. Анткени окуучулардын кебин өстүрүү менен алардын сүйлөө кебинин корун байытууга шарт түзөбүз. Балдар башталгыч мезгилдерде сүйлөөнүн технологиясын үйрөнүү зарылдыгына ээ. Башкача айтканда алар бири-бири менен пикир алышканда сөзсүз кептин корунун деңгээли маанилүү болуп эсептелет. Кандай сөз айтса да анын мааниси, кимге карата багытталгандыгы маанилүү болуп эсептелет. Сөз айтылган тарап менен мамилелеш болууда кеп маданиятынын да орду каралат. Анткени ар кандай кырдаалдарда пикир алышуу жүрөт. Мисалы, ашканадагы маек, автоунаадагы маек, кинотеатрдагы маек ж.б. ошондой эле куралтык өзгөчөлүктөгө карата да кеп куруу же маектешүү сыяктуу маселелер бар. Башталгыч класстарда кеп өстүрүү маселелери катары ар бир сабакта анын элементтери камтылып кетет. Кептин жазуу жана оозеки ишмердүүлүгү боюнча да негизги маселелер катары кароо жүрөт. Сөз өстүрүүдө окуучулар жазуу ишмердүүлүгүн да тең алып барышат. Булардын баарын башталгыч класстан баштап үйрөтүү эң туура маселелерден экендиги талашсыз.

**Лекция №2**

**Тема:** ***Тил жана кеп*. *Байланыштуу кеп: теориялык маселелер.***

ПЛАН:

1. Тил жана кеп.
2. Байланыштуу кеп.
3. БКтин теориялык маселелери.

**Өз алдынча иш:** *Сөз жөнүндө макал-лакап, учкул сөздөрдү жыйноо.(Класстер түзүү)*

Тил түшүнүгү буга чейин ар тараптуу изилденип келсе да дале так аныктаманы талап кылып келет. Эң биринчи түшүнүк ошонун өзү биологиялык зат экендиги анык. Б.а. баш мүчөбүздө жайгашкан сулп эт түрүндөгү дененин бир мүчөсү. Тилди аздектешет. Анткени анын функциясы өтө оор экендиги анык го.

Тил адам үчүн өтө маанилүү. Башкача айтканда бири-бири менен тыгыз байланышта пикир алышуу же кандайдыр бир зарылдыктын келип чыгышы,аны чечүү, кайра калыбына келтирүү тилдин негизги функцияларынын катарын толуктайт.

“Кеп” түшүнүгү лингвистикада, психологияда, педагогикада, методикада кенири кездешүүчү предмет аралык түшүнүк. Педагогикада кеп, биринчиден мугалимдин кеп өстүрүүдөгү аракетин, экинчиден окуучулардын кептик ишмердүүлүгүн чагылдырат.

Кеп ишмердүүлүгү угуу, окуу, жазуу, сүйлөө процесстеринен турат. Угуу процесси айтылып жаткан ойдун негизги маанисин түшүнүүнү, аны эсте кастап калууну талап кылат. Ошондуктан көңүл коюп уга билүү, айрым негизги жерлерин кагазга түшүрүү, айтылгандарга анализ жүргүзүү, айрым суроолорду коё билүү сыяктуу билгичтиктерге окуучуларды көнүктүрүү керек.

Оозеки жана жазуу кебин өстүрүү бири-бири менен тыгыз карым-катнашта жүргүзүлөт. Оозеки кепти өстүрбөй туруп, жазуу кебинин сабаттуулугуна, тереңдигине, маданияттуулугуна жетишүү кыйын. Бул тууралуу белгилүү психолог, методист Т.А Ладыженская мындай дейт: “Өз оюн сүйлөмдөр аркылуу текстте бере албаган окуучу биринчи иретте оозеки кебин байланыштырып сүйлөй албайт”.

Окуучулар окуу сабагында эле эмес башка бардык предметтерде сүйлөөсү керек. Сүйлөп эле тим болбостон башка өнөктөштөрүнгүн да оюн толуктоого жетишүү керек. Оозеки кеп – сүйлөө процессин камтыйт. Ал тез убактытта сүйлөөчү менен угуучунун орточундагы ишке ашуучу процесс. Оозеки кеп – окуучунун өз оюн кеңири жеткирүүгө боло турган процесс экендигиталашсыз. Мындай процесс окуучу менен мугалимдин ортосунда активдүү формада кездешет. Мисалы, окуу материалы боюнча суроо-жооптор, тексти талдоо, ангеме жасоо, баяндоо, маалымдоо, чыгармаларды талдоо, билдирүү жасоо ж.б.

Оозеки кеп – ачык-айкын, так, кыска, көркөм болушу зарыл. Ал үчүн образдуу, боёкчолуу сөздөргө эч нерсе кошпой таза сүйлөөгө көнүгүү керек. Бул окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүнү талап кылат. Оозеки кепте диалектилик, говордук сөздөрдү кошпоого, орфоэпиялык нормаларды сактоого көнүгүү керек.

Оозеки кептин керектүүлүгүн, угумдуулугун, көрктүүлүгүн, сиңимдүүлүгүн арттыруу үчүн окуучуларды тексти көрктүү окуп берүүсү, сүйлөөдө интонацияны, тынымды, паузаны, логикалык басымды туура пайдаланууга көнүктүрүү максатка ылайык. Оозеки кепке эмоционалдуулук мүнөздү жана ченемдүү, ал кептин таасирдүүлүгүн, улуугун артырып турат.

Окуучу өз оюн эркин айтууга жетишүү үчүн алдын ала сөздүк менен иштей билүүсү керек. Текст окуу аны кайра атып берүү, аңгемелешүү, байланыштуу сөздөрдү, сүйлөмдөдү түзүү боюнча көнүгүү, машыгуу иштери аткарылат. Мисалы окуучу “Жайкы каникулда” деген темада оозеки түрдө аңгеме айтып берүү үчүн төмөнкүдөй даярдыктан өтүүсү абзел:

Адегенде окуучу текстин чегин аныктайт. Каникулда окуучунун эминде калган, ага катуу таасир эткен окуялар жөнүндө айткысы келсе, ошого жараша конкреттүү тема коёт. Мисалы, “Жайлоодо”, “Сууга түшкөндө”, “Тоого барганда”, “Сууга түшкөндө”, “Ысык-Көлдөгү окуя” , “Лагерде”, “Операция Ы” ж.б.у.с.

Айтайын деген негизги ойду аныктайт, Мисалы, “Жайында эс алуу кандай сонун”, “Чабандык кесип ардактуу” ж.б.

Темадагы негизги ойду баяндоо үчүн фактылык материал топтойт; кандай окуялардын күбөсу болду, ага эмне өзгөчө таасир этти? Ар кандай байкоолорун, жыйынтыктарын жазат. Бул фактылык каражатты образдуу тил каражаттары менен туюнтуу үчүн тиешелүү тил каражаттарын тандайт. Темага ьжараша ар кандай сөз айкаштарын колдонот, сөздүктөрдү

пайдаланат. Мисалы “Жайлоодо” деген темага төмөнкүдөй сөз айкаштарын колдонууга болот: асман тиреген бийик карагайлар, молтүр булак, жашыл кымкап жамынгандай, беттен жумшак сылаган салкын жел, жыпар жыты мурунду кытыгылаган сабаадагы кымыз, төбөсү бийик шоңшойгон боз үйдүн түндүгү ж.б.у.с. айта турган ойду системалуу баяндоо үчүн пландын долбоорун же тезис түзөт:

1) Жайлоого баруу
2) Жайлоонун көрүнүшү.
3) Кой кайтарганда.
4) Козулардын качышы.
5) Тоодогу бал уурусу.
6) Жайлоодо эс алуу кандай керемет.

Бул болжолду план. Окуучунун ишмердүүлүгү ушул жерде даана байкалат. Пландын долбоору же түзүлгөн тезис боюнча темага ылайык окуя жөнүндө оозеки айтып берет. Ал берилген суроолор боюнча толукталат, кошумчаланат. Бул болсо эми жазыла турган дил баянга жакшы даярдык болот. Оозеки кептин жүрүшүнөн кийин айтылган тема боюнча план түзүлүп, окуучулар дилбаян жазышат.

Оозеки кептин дилбаянга караганда таасири күчтүү, анткени андагы айтуучунун үнү, мимкасы, интонациясы, кептин эмоционалдуулугу, көрктүүлүгү угуучуга түздөн-түз таасир этет. Ал эми дилбаянды жаздыруу үчүн окуучуларга кептик түшүнүктөрдү үйрөтүп, текст түзүүнүн жолдоруна үйрөтүү керек. Андыктан төмөнкүдөй машыгуу иштерин жүргүзүү зарыл:

- “Мен дем алыш күнүн кандай өткөрдүм?” оозеки баяндоого даярдануу.
- Мурда окуган чыгарманын негизинде оозеки айтып берүүгө даярдануу.
- Мугалимдин жардамы менен оозеки баяндоого толуктоо киргизүү.
- Бир нече темаларды тандап, алардын үстүндө иштөөдө оозеки баяндоо иштерин аткаруу.

Кептин формалары сүйлөшүү ыгына жараша эки формада кездешет, экөө тен активдүү формада. 1) Оозеки, 2) Жазуу. Бул 2 форма жөнүндө айтылып келе жатат. Ал эми окуучунун ишмердүүлүгү ушул эки форманын негизинде практикада көрүнөт. Анткени окуучу оозеки жана жазуу ишмердүүлүгүн аткарууда өтө активдүү келип, кептин эки формасынын үстүндө такай иш алып барат. Аларды эриш-аркак жүргүзө алат. Бул окуучунун чеберчилигин арттырат.

2. **<u>Байланыштуу кеп.</u>**

Тил илиминде “Байланыштуу кеп” деген түшүнүк бар. Албетте окуучулардын оозеки пикирлешүүсүн эске алсак БК оозеки көбүрөөк ишке ашат. Анткени кептин түрлөрү көрсөтүп тургандай сөз менен сөз, сөз айкашы менен сөз айкашы же контекст менен контекст байланыш кеп аркылуу толукталып турат. Байланыштуу кептин маңызын ушундай синтаксистик курулмалар түзөт.

***2. Текстке байланыштуу окутууда байланыштуу кепти өстүрүү***

Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин байытуу менен катар алардын байланыштуу кебин калыптандыруу маселеси да эне тилин текстке байланыштуу окутуу процессиндеги эң негизги маселелердин бири болуп саналат.

Эне тилин текстке байланыштуу окутууда окуучулардын байланыштуу кебин калыптандыруу максатында төмөнкүдөй иш- аракеттер жүргүзүлөт:
Тексттин негизинде сөздүк менен иштөө;
Тексттин мазмуну боюнча дилбаян, же баяндама (изложение) жазуу;
Тексттин негизинде Пирамидалык окуя стратегиясы менен иштөө;
Тексттин негизинде Инсерт стратегиясы менен иштөө;
Ар бир чейректин аягында берилген текст менен иштөө;
Мугалим темага өтүүдөн мурда сабактын максатын аныктап алуу үчүн мазмуну боюнча жөнөкөй, же татаал, логикалык суроолордун тегерегинде окуучулар менен аңгемелешет. Көбүнчө ошол сабак камтыган тексттин мазмунуна ылайык келген макал- лакаптар, накыл

сөздөр берилип, анынмаанисин чечмелөө жана турмушта аларды билүүнүн зарылдыгы эмнеде экендигин аныктоого багытталат.
Мындай тапшырмалар ар бир сабакка киришердин алдында
жүргүзүлүп, окуучулардын теманын мааниси менен маңызын түшүнүп, тексттин негизинде материалдарды өздөштүрүүгө даярдоо иретинде аткарылат жана алардын ой жүгүртүүсүн, кебин өстүрүүгө багытталат.
Окуучулар менен аны курчап турган айлана- чөйрөсү жөнүндө, элибиздин баалуулуктары жөнүндө, белгилүү инсандарыбыз жөнүндө, келечекте тандап ала турган кесиби жөнүндө, алардын өздөрүнүн жашоо- турмушу менен байланышта аңгеме жүргүзүү окуучулардын кебин байытууга оң таасирин тийгизет.
Окуучулардын кебин байытууга багытталган эң маанилүү иш-
аракеттердин бири- текстке байланыштуу окутууда тексттердин негизинде баяндама жазуу тапшырмасы аткарылат. Мугалим тексттин мазмуну менен окуучуларды тааныштырат, окуучулар менен бирдикте тексттин мазмунундагы таяныч сөздөр менен иштейт, баяндаманын планын түзөт.
Андан кийин окуучуларга баяндаманы жазууга тапшырма берет. Айрым учурда бул тапшырманы үйдөн аткарып келүүгө берилет.
Мисалы, “Уз мугалим” аттуу темадагы тексттин негизинде жазыла турган баяндаманы сунуштайбыз:

Жумабүбү апа 50 жылдан ашуун бир мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп эмгектенген. Ал жүздөгөн жаш жеткинчиктерге таалим-тарбия берип, башталгыч мектептин уясынан учурду. Талыкпаган эмгеги менен окуучуларынын, ата- энелердин урмат- сыйына ээ болду. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланды.

Жумабүбү апа ардактуу мугалим эле эмес, колунан көөрү төгүлгөн
чебер уз болгон. Ал калпак, тебетей, кемсел, белдемчи, кош этек көйнөк сыяктуу улуттук кийимдерди көркөмдөп тикчү. Шырдак, ала кийиз, туш кийиз, курак төшөк сыяктуу улуттук буюмдарды келиштире жасачу.Уз- мугалим мектепте көркөм кол өнөрчүлөр кружогун уюштуруп, кыздарга сайма сайганды, оюм ойгонду, кийим тиккенди үйрөткөн.
Жумабүбү апа Кыргызстан кол өнөрчүлөр союзунун мүчөсү болгон. Ал жасаган буюмдар республикалык кароо- сынактарда баалуу сыйлыктарга татыган.

**План:**
**1. Жумабүбү апа- жазышат.** Текст боюнча баяндама жазууга машыгышат. Окуучулардын көрүп-билүү, угуу, эсте сактап калуу билгичтиктериурматтоого, ар кандай кесипти баалай билүүгө тарбияланышат. Көндүмдөрү калыптандырылат.
**<u>Көрсөткүчтөр:</u>**
***Таблица 3.2.1.- Сабактын көрсөткүчтөрү***
Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу текст боюнча уккандарын эсине жакшы тутуп, баяндаманы талапка жооп берерлик деңгээлде жазса. Окуучунун көрүү, байкоо, угуу жөндөмдүүлүктөрү жогорулап, жыйынтыгы жазуу иши аркылуу байкалса. Окуучу ар түрдүү кесип жөнүндө ой жүгүртүп, аларды баалай билүүгө жана бири- бирин урматтоого умтулса.
Сабактын тиби: Текшерүү жана окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүн каттоо сабагы.
*Сабактын формасы:* Чыгармачылык сабак.
*Сабактын методдору*: Айтып берүү, көрсөтмөлүүлүк.
*Сабакка колдонуучу каражаттар:* Аудио. Сүрөттөр. Текст.
*Сабактын предметтер аралык байланышы*: Адабий окуу, дене тарбия, сүрөт.
*Сабактын жүрүшү:*
Сабактын фрагменти
Сунушталган метод, ыкма
Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери
*Жабдылышы*
*Уюштуруу* «Жагымдуу маанай»ыкмасы

Мугалим сабактын жүрүшүнө карата класстагы окуучулар арасында жылуу жагдай түзөт, эркин отурууну суранат, окуучулар бири- бирине жагымдуу сөздөрдү айтышат Баяндама жазуунун максаттарын түшүндүрүү Айтып берүү, суроо-жооптор аркылуу түшүндүрүү
Мугалим баяндама жазуунун максатын, шартын түшүндүрөт. Окуучулар түшүнбөгөн суроолорун биригишип, талкуулашат. Жазууга даярданышат.
Доскага теманы, тапшырмаларды аткаруу. Өз алдынча иштөө, байкоо, талдоо.
Окуучулардын билимдерин байкоо, текшерүү максатына карата убакытка карап, тапшырма иштетсе болот. М: Сөз айкашынын маанисин түшүндүргүлө: Колунан көөрү төгүлгөн. Сөз айкашындагы сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.
Тапшырма доскада жазылат. Баяндамаларды баалоо, Өзүн-өзү, бирин-бири
жана мугалим өзүн-өзү, бирин-бири баалоо баракчасын таратат.
Баалардын коюлушун айрым, өзүн- өзү жана бири-бирин баалоо мугалимдин баалоосу. Окуучуларга комментарийлетет. Өзү жыйынтыктайт. Окуучулар баалоо баракчаларын толтурушуп, жыйынтык чыгарышып, мугалимге беришет. Баракчалары. Үй тапшырмасы. Тапшырмага түшүндүрмө берүү. Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып, мугалим, билим алуу, кол өнөрчүлүк, улуттук буюмдар жөнүндө ыр, табышмак, макалдардан жазып келишет. Доскага тапшырма жазылат..
Баяндама (изложение) жаздыруу сабактары ар бир чейректе жүргүзүлүп, бөлүм боюнча өтүлгөн тексттер боюнча түшүнүктөрүн жыйынтыктоо максатында жана грамматикалык материалдар боюнча алган билимдерин текшерүү иретинде ишке ашырылат. Эне тилин текстке байланыштуу окутууда дил баян жаздыртуу окуучулардын текст боюнча түшүнүгүн бекемдөө үчүн жана ар түрдүү темалардын үстүндө ой жүгүртүп, өз ойлорун ырааттуу баяндоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталат.

Дил баяндардын тематикасы ар түрдүү: ал өздөштүрүлгөн тексттин негизинде жана эркин темада жаздырылып, берилген теманын идеялык мазмунун түшүнүп, терең өздөштүрүүгө, чыгармадагы ойдун ырааттуу берилишин, стилинин түшүнүктүү жана байланыштуулугун баамдап, байкоого, ар кыл теманы ой жүгүртүү менен баяндап берүүгө багыт берилет. Бул аркылуу окуучулардын сөздүк запасы артылып, кебининбайланыштылуугу, чыгармачылыгы жана өз алдынча иштөө көндүмү өнүгөт. Окулуп жаткан тексттерге байланыштуу окуучуларды дил баян жазуугаүйрөтүүнүн жолдору жана иштин даярдыгы ага карата жазыла турган дилбаяндын планын түзүү, тийиштүү сөздүк иштерин жана орфографиялыкдаярдыктарды жүргүзүү, план боюнча дил баяндын мазмунун оозеки кураштыруу жана аны баяндоого машыгуу иштери менен коштолот.“Башталгыч класстарда окуучуларга сочинение түзүүнү үйрөтүү жана машыктыруу жумушу өтүлгөн адабий чыгарманын мазмуну боюнча, же
сүрөт боюнча, же окуучулардын өздөрүнүн турмуш тажрыйбасынын, байкоосунун материалдары боюнча жүргүзүлөт. Бирок сочинение түзүүнү үйрөтүүнүн максаты бул материалдардын негизинде алынган айрым фактыларды жазуу менен гана чектелбестен, ошону менен катар ал фактыларды чыгармачылык түрдө сүрөттөй алууга окуучуларды шыктандыруу болуп саналат”.

Башталгыч класстарда жаздырылуучу дил баяндардын бардык түрү жана алар кандай материалдын негизинде жүргүзүлбөсүн, анын идеялык мазмуну окуучулардын аң- сезимин, турмушту таанып- билүүсүн, логикалык
ойлоосун, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, кеп маданиятын өстүрүүгө жана калыптандырууга багытталат.

Эне тилин текстке байланыштуу окутууга карата жүргүзүлгөн көнүгүү-
машыгуулардын, суроо- тапшырмалардын ичинен дил баян жазуунун өзгөчө айырмасы- окуучуларды берилген теманын тегерегинде ойлонууга мажбур кылып, алардан талдоо, анализдөө жөндөмдүүлүгүн талап кыла тургандыгы.
Окуучулар дил баянды жазуудан мурда тема боюнча материалдарды тандайт,

окуяларды байланыштырып, алардын темага тиешелүү экендигин талдап, өз пикирине тууралап, дил баянды түзүүнүн үстүндө ойлонот, бул аркылуу алардын ойлоосу жана чыгармачылыгы өнүгүп, өсөт.

Дил баян ар бир окуучунун жеке кебин байытууга, кеп маданиятын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Окуучу өзү жазган дил баяндагы тилдик жана стилдик каталарын практикада байкайт жана аны жоюуга аракеттенет.

Ал эми мугалим дил баян жаздыруу менен ар бир окуучусунун шыгын, тилинин жана стилинин өзгөчөлүгүн байкай алат жана анын негизинде ар бир окуучуга жекече мамиле жасап, анын жөндөмүнө жараша тапшырмаларды берүүгө мүмкүнчүлүк алат. Баяндама жана дил баян жаздыруу окуучулардын чыгармачылыгын, жөндөмдүүлүгүн, шыгын өнүктүрүүгө жана калыптандырууга тыгыз байланыштуу болгондуктан, аларды жаздырууга зор маани берип, алар башталгыч класстарда үйрөтүлүүчү чыгармачылык иштин бир түрү катарында ырааттуу жүргүзүлүүгө тийиш. Буларды жазууга окуучуларды машыктыруу иши башталгыч класстарда эне тилин окутуудагы пландаштырылган жана мугалим тарабынан милдетүү түрдө аткарылуучу стилистикалык көнүгүү болуп саналат.

Баяндама же дилбаян жазууда окуялардын ырааттуулугун сактоо жана оюн мазмундуу баяндоо максатында анын планын түзүү иши негизги орунду
ээлейт. Баяндаманы же дилбаянды пландын негизинде түзүү окуучулар үчүн
жеңил жана талапка ылайыктуу болот. План түзүү- белгилүү бир тема боюнча анын мазмунундагы окуяларды баяндоочу бир ырааттуулукка салуу. План түзүүдө окуучулар баяндай турган окуянын мазмуну жана анын ирети жөнүндөгү оюн системалаштырат, негизги жана жардамчы окуяларды белгилейт, мазмунду план боюнча курастырууга машыгат жана бул иш- аракет анын тапшырманы аткаруусун жеңилдетет, иретке салат. План дилбаян жана баяндама жаздыруудагы көмөкчү курал болуп саналат.

План түзүү мугалимдин жардамы менен жалпы класстын катышуусунда жүргүзүлөт. 2-3- класста план түзүү ишине мугалимдин жардамы жана жетекчилиги талап кылынат, ал эми 4- класста өз алдынча түзүүгө машыгышат. Пландын ар бир бөлүмү доскага жазылып, талкууга алынат.

Мисалы, 4- класста баяндама жазуу үчүн сунушталган “Салам айтуу адеби” текстине карата план төмөнкүдөй түзүлүшү мүмкүн:

***Текст: “Салам айтуу адеби”.***

Мен айылга бардым. Чоң атам мага ким менен кантип учурашуу керектигин үйрөттү. Бир күнү чоң атам экөөбүз тойго бардык. Мен алдымдан чыккан кишиге: Ассалам алейкум!- деп салам айтып, кош колумду сундум. Ал киши менин саламыма “Алейкум ассалам!”- деп алик алды да, минтип сурады: Салам айткан адептүү жакшы бала турбайсыңбы. Кимдин баласы болосуң? Мен чоң атамды көрсөттүм.

О, бул менин балам!- деди чоң атам сыймыктана.

Бул тексттин негизинде баяндама жаздырууда төмөнкүдөй план түздүрүүгө болот:

План:

1. Чоң атам жана мен.
2. Учурашууну үйрөнүү.
3. Тойго баруу.
4. Биринчи учурашуу.

План түзүүдөн тышкары, тексттин мазмунуна карата суроо- жооп иретинде окуучулар менен аңгемелешип, ойлорун айттырат, алардын жоопторун толуктап, кемчиликтерин оңдоп, түзөтүүлөрдү киргизип, кошумчалайт.

Жогорудагы тексттин мазмуну боюнча төмөнкүдөй суроолордун тегерегинде аңгемелешүүгө болот:

Суроолор:

1. Чоң атасы балага эмнени үйрөттү?
2. Бала алдынан чыккан кишиге кандайча салам берди?

3. Ал балага эмне деди?
4. Чоң атасы эмнеге сыймыктанды?

Планды мындай суроо-жooптун жардамы менен түзүүдө окуучулар суроолордогу сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн нускасын толук пайдаланып, аларды кайталоо менен, андагы сурама ат атоочтордун ордуна тийиштүү сөздөрдү өз оюнан кошумчалап, суроого толук жооп кайтара алышат.

Дилбаянды же баяндаманы таяныч сөздөрдүн негизинде түзүүгө окуучуларды үйрөтүү жумушу башталгыч класстарда оозеки жана жазуу жүзүндө жүргүзүлө турган көнүгүүлөрдүн бир түрү болуп саналат.

Көнүгүүнүн бул түрүн аткарууда дилбаянды, же баяндаманы таяныч сөздөрдүн жардамы менен жазууга үйрөтүлөт. Белгилүү бир тема боюнча дил баян же баяндама жазуу үчүн окуучуларга темага байланыштуу тандалган таяныч сөздөр берилет. Окуучулар ал сөздөрдү дил баян, же баяндама жазуунун негизги материалы катарында пайдаланып, ошол сөздөрдүн жардамы менен иштөөгө машыгышат.

Таяныч сөздөр- кандайдыр бир мазмунду баяндоодогу негизги сөздөр. Тексттин курамынан негизги деп эсептелген сөздөр бөлүнүп алынып, доскага жазылып коюлат.
Мисалы, “Салам айтуу адеби” текстиндеги таяныч сөздөр катарында бул сөздөрдү алууга болот: чоң ата, учурашуу, үйрөтүү, киши, салам айтуу, ассалам алейкум, адептүү, сыймыктануу. Тексттен таяныч сөздөрдүн тандалып алынышынын натыйжасы окуучулар түзө турган жазуу ишинин болжолдуу сюжетин, же планын чагылдыргандай деңгээлде болуусу шарт. Ансыз таяныч сөздөрдү пайдаланып дил баян, же баяндама жазуу башталгыч класстардын окуучулары үчүн татаал болот.

Таяныч сөздөр боюнча дилбаян же баяндама жазууга окуучулардымашыктыруу иши 2-класстан баштап оозеки жана жазуу жүзүндө жүргүзүлө баштайт. Таяныч сөздөр менен иштөө төмөнкүдөй ырааттуулукта жүргүзүлөт:
1. Мугалим күн мурунтан ылайыктап тандап алган таяныч сөздөрдү доскага жазып берет. Окуучулар таяныч сөздөр менен таанышат.
2. Окуучуларга таяныч сөздөрдүн маанисин чечмелөө, аларды катыштырып сүйлөмдөрдү түзүү тапшырмалары берилет.
3. Таяныч сөздөрдүн жардамы менен түзүлгөн сүйлөмдөрдү бири- бири менен байланыштыруу менен болжолдуу мазмун иштелип чыгат.
4. Түзүлгөн мазмунду бир окуучуга айттырып, башка окуучуларга толуктатат.
5. Дилбаянды же баяндаманы жазуунун үстүндө иштешет.

Эне тилин текстке байланыштуу окутууда тексттер менен иштөө, алардын негизинде баяндама жазуу жана аны пландын, таяныч сөздөрдүн жардамы менен жүргүзүү окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүгө, ырааттуу ой жүгүртүүгө өз оюн ырааттуу баяндоого зор өбөлгө түзөт. Эне тилин текстке байланыштуу окутуу процессинде окуучулардын кебин байытууда визуалдык окуу иши да зор роль ойнойт. Тексттин мазмунуна байланыштуу окуу китебинде жайгаштырылган сүрөттөгү ар бир көрүнүштүн мазмунун түзө тургандай деңгээлде алдыртадан даярдалган суроолор берилип, окуучулар ал суроолорго тиешелүү жоопторду берүү менен, сүрөт боюнча баяндап айтат. Окуучулар сүрөттөгү көрүнүштөр боюнча өз оюн ырааттуу баяндоодо андагы жаратылыштын көрүнүшүн, адамдарды, персонаждарды, окуяны, анын ордун, мезгилин так ажыратып айтууга көнүктүрүлөт, башкача айтканда, көрүү аркылуу окуйт, баяндайт. Бул аркылуу алардын көрүү, угуу, ойлоо, божомолдоо көндүмдөрү калыптанат. Сүрөттөрдөгү баяндалуучу көрүнүштөрдү, окуяларды айтып берүү менен сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура кураштырууга, окуянын мазмунун чыгармачылык менен түзүүгө машыгышат. Машыгуунун мындай түрү окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн, оюн арттырып, өз алдынча иштөөгө көнүктүрөт.

Ошондуктан окуучулардын оозеки жана жазуу жүзүндөгү кебин, байланыштуу кебин байытууда сүрөт менен иштөө, визуалдык окуу иши эне тилин окутууда негизги орундардын бирин ээлөөгө тийиш. Окуу китебиндеги визуалдык окуу үчүн жайгаштырылган сүрөттөр өздөштүрүлүүчү тексттин негизги мазмунун чагылдырып турuусу жана көрүнүштөр ачык,

даана, балдар эмне жөнүндө тартылгандыгын ойжүгүртүп, түшүнүп, сюжетти жеңил айтып берүүгө мүмкүнчүлүк ала алгандай деңгээлде болуусу шарт. Визуалдык окууда окуучулардын көңүлү окуу китебиндеги сүрөттөргө бурулуп, андагы көрүнүштөр менен таанышып чыгууга, анын тегерегинде ой жүгүртүүгө багыт алышат. Эгерде сүрөттөр боюнча баяндап берүү окуучуларга кыйын болсо, анда мугалим аларга багыт берүүчү суроолорду берет жана ал суроолорго тиешелүү жоопторду алгандан кийин, бир нече окуучуга визуалдык окуу ишин аткартат. Сүрөттөгү көрүнүштөр, андагы чагылдырылган сюжет, каармандар жөнүндө визуалдыкокуу ырааттуу жүргүзүлсө, окуучулардын байланыштуу кеби артат.

**Лекция №3**

**Тема:** ***Кеп ишмердүүлүгү. Байланыштуу кеп жана текст.***

ПЛАН:

1. Тил жана кеп.
2. Байланыштуу кеп.
3. БКтин теориялык маселелери.

**Өз алдынча иш:** *Байланыштуу кеп. Сөздүк түзүү.*

1. **Байланыштуу кеп.**

Тил илиминде “Байланыштуу кеп” деген түшүнүк бар. Албетте окуучулардын оозеки пикирлешүүсүн эске алсак БК оозеки көбүрөөк ишке ашат. Анткени кептин түрлөрү көрсөтүп тургандай сөз менен сөз, сөз айкашы менен сөз айкашы же контекст менен контекст байланыш кеп аркылуу толукталып турат. Байланыштуу кептин маңызын ушундай синтаксистик курулмалар түзөт.

Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин байытуу менен катар алардын байланыштуу кебин калыптандыруу маселеси да эне тилин текстке байланыштуу окутуу процессиндеги эң негизги маселелердин бири болуп саналат. Эне тилин текстке байланыштуу окутууда окуучулардын байланыштуу кебин калыптандыруу максатында төмөнкүдөй иш-аракеттер жүргүзүлөт:

- Тексттин негизинде сөздүк менен иштөө;
- Тексттин мазмуну боюнча дилбаян, же баяндама (изложение) жазуу;
- Тексттин негизинде Пирамидалык окуя стратегиясы менен иштөө;
- Тексттин негизинде Инсерт стратегиясы менен иштөө;
- Ар бир чейректин аягында берилген текст менен иштөө;

Мугалим темага өтүүдөн мурда сабактын максатын аныктап алуу үчүн мазмуну боюнча жөнөкөй, же татаал, логикалык суроолордун тегерегинде окуучулар менен аңгемелешет. Көбүнчө ошол сабак камтыган тексттин мазмунуна ылайык келген макал-лакаптар, накыл сөздөр берилип, анын маанисин чечмелөө жана турмушта аларды билүүнүн зарылдыгы эмнеде экендигин аныктоого багытталат. Мындай тапшырмалар ар бир сабакка киришердин алдында жүргүзүлүп, окуучулардын теманын мааниси менен маңызын түшүнүп, тексттин негизинде материалдарды өздөштүрүүгө даярдоо иретинде аткарылат жана алардын ой жүгүртүүсүн, кебин өстүрүүгө багытталат.

Окуучулар менен аны курчап турган айлана- чөйрөсү жөнүндө, элибиздин баалуулуктары жөнүндө, белгилүү инсандарыбыз жөнүндө, келечекте тандап ала турган кесиби жөнүндө, алардын өздөрүнүн жашоо- турмушу менен байланышта аңгеме жүргүзүү окуучулардын кебин байытууга оң таасирин тийгизет. Окуучулардын кебин байытууга багытталган эң маанилүү иш- аракеттердин бири- текстке байланыштуу окутууда тексттердин негизинде баяндама жазуу тапшырмасы аткарылат.

Мугалим тексттин мазмуну менен окуучуларды тааныштырат, окуучулар менен бирдикте тексттин мазмунундагы таяныч сөздөр менен иштейт, баяндаманын планын түзөт. Андан кийин окуучуларга баяндаманы жазууга тапшырма берет. Айрым учурда бул

тапшырманы үйдөн аткарып келүүгө берилет. Мисалы, “Уз мугалим” аттуу темадагы тексттин негизинде жазыла турган баяндаманы сунуштайбыз:

**Уз-мугалим.**

Жумабүбү апа 50 жылдан ашуун бир мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп эмгектенген. Ал жүздөгөн жаш жеткинчиктерге таалим- тарбия берип, башталгыч мектептин уясынан учурду. Талыкпаган эмгеги менен окуучуларынын, ата- энелердин урмат- сыйына ээ болду. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланды.

Жумабүбү апа ардактуу мугалим эле эмес, колунан кѳѳрү төгүлгөн чебер уз болгон. Ал калпак, тебетей, кемсел, белдемчи, кош этек көйнөк сыяктуу улуттук кийимдерди көркөмдөп тикчү. Шырдак, ала кийиз, туш кийиз, курак төшөк сыяктуу улуттук буюмдарды келиштире жасачу.

Уз-мугалим мектепте көркөм кол өнөрчүлөр кружогун уюштуруп, кыздарга сайма сайганды, оюм ойгонду, кийим тиккенди үйрөткөн. Жумабүбү апа Кыргызстан кол өнөрчүлөр союзунун мүчөсү болгон. Ал жасаган буюмдар республикалык кароо-сынактарда баалуу сыйлыктарга татыган.

План:
1. Жумабүбү апа- мугалим.
2. Уз- мугалимдин колунан жаралган буюмдар.
3. Мектептеги кол өнөрчүлүк кружогу.
4. Жумабүбү апа кыргызстан кол өнөрчүлөр союзунун мүчөсү.

Суроолор:
1. Жумабүбү апа кайсы класстардын мугалими болгон?
2. Ал мугалимдиктен тышкары кандай иш менен алектенген?
3. Ал кандай улуттук буюмдарды жасаган?
4. Кандай улуттук кийимдерди тиккен?
5. Кыздарга эмне үйрөткөн?

***Таяныч сөздөр:*** Жумабүбү апа, мугалим, башталгыч класс, урмат- сый, таалим- тарбия, улуттук буюмдар, улуттук кийимдер, кружок, уз- мугалим. Төмөндө ушул темада баяндама жазуу сабагынын үлгүсү берилет:
Сабактын темасы: Баяндама жазуу.
Сабактын максаты:

| ***Билим берүүчүлүк*** | ***Өнүктүрүүчүлүк*** | ***Тарбия берүүчүлүк*** |
|---|---|---|
| Окуучулар уккан «Уз мугалим» деген тексти боюнча баяндама жазышат. Текст боюнча баяндама жазууга машыгышат. | Окуучулардын көрүп-билүү, угуу, эсте сактап калуу билгичтиктери жогорулап, жазуу кептери өркүндөп, сабаттуу жазуу | Окуучулар бирин-бири урматтоого, ар кандай кесипти баалай билүүгө тарбияланышат. |

***<u>Текст жөнүндө түшүнүк</u>***

Негизги ой жана темасы менен бириккен сүйлөмдөр тобу ***ТЕКСТ*** деп аталат. Тексттеги сүйлөмдөр мааниси жана тил байланыштары менен байланган (кайталоо, ат атооч, синоним ж.б.)

**Тема** - текстте айтыла турган нерсе жана башында колдонулат. Негизги ой - негизи кеп кылып жаткан нерсеге болгон автордун ою, ошондой эле илимий фактылар. Адабий текстте көбүнчө баалоо маанисине ээ болгон сүйлөмдөр колдонулат. Негизги маанини билдирүү менен автор кадам-артынан кадам шилтеп, бөлүмдөн бөлүмгө өтөт. Жалпы теманын бөлүгүн подтема же микротема деп атайт. Анын айланасында тексттин бөлүгүн түзгөн сүйлөмдөр топтолот,

булар абзац деп аталат. Абзац башталышы жана аягы болот. Стилистика, кептин стилин жана андагы тил каражаттарын колдонууну изилдөөчү илим.

**Адабий кептин максаты** - чындыктын сүрөттөлүш чагылыштыруусу жана окурмандын ойлоруна жана сезимдерине эмоционалдык таасир этүү. Жазуучу сүрөттөлүш менен ой жүгүртөт. Чындыкты анализдеп автор жашоо-тиричиликти сүрөттөлүштөр менен берет, адамдардын образдары, типтүүнү индивидуалдуулукта жана конкреттүүлүктө ачат.

Стилистикалык өзгөчөлүктөр - образдуулук (сөздөрдүн, адабий образдын сүрөттөлүштөрү менен), эмоционалдуулук жана экспрессивдүүлүк (гипербола, метафора, элестетүү). Кептин түрлөрүнүн биригиши мындайча айтканда акталып, автордун оюу менен жана негизги ойдун айтылышы менен белгилениши керек.

***<u>Кептин стилдери</u>***

<u>Илимий стиль</u>

1.***Илимий*** - эмгектерде, докладдарда, лекцияларда, китептерде колдонулат.

2.***Кептин милдеттери*** - маалымат берүүчү мүнөздөгү фактыларды билдирүү.

3.***Айтуу, сүйлөө жана ойду билдирүү*** негизинен төмөнкүдөй болот:

-Так

-Далилдөөчү + терминдер

-Жалпыланган (буюмдар, нерселер тобу)

-Автордун мамилеси жок

4.***Илимий талкулоо*** көп учурда илимий адабиятта кезигет, ал илимий аныктамадан башталып мындайда кандайдыр бир түшүнүктөр, - бул эмне? деген суроого жооп берүүчү фактылар ачылат.

Иштиктүү же расмий стиль:

***1.Негизи*** ар кандай иш кагаздарында, көрсөтмөлөрдө, нускамаларда, мыйзам чыгаруу документтеринде колдонулат.

***2.Кептин*** милдеттери:

-Адамга бир нерсе жасоого жардамын берүүчү, жашоодогу маалыматтарды билдирүү.

-Так көрсөтмөлөрдү, сунуштарды берүү.

***3.Айтуу***, сүйлөө жана ойду билдирүү негизинен төмөнкүдөй болот:

-Расмий

-Так

-Эмоциясыз

***4.Расмий***, китеп билдирүүлөрү, этиштен жана сын атооч суффикстеринен негизделген зат атоочтор колдонулат.

- *Публицистикалык стиль:*

(Публицистика - саясаттын жана коомдук жашоонун маселелерин чагылдыруучу адабияттын тармагы)

*<u>1.Жашоонун коомдук-саясый тармагында колдонулат:</u>* газеталар, журналдар, радио, ТВ. Бул агитаторлордун, пропагандисттердин, журналисттердин жана элдик массага кайрылып жаткандардын кеби.

*<u>2.Кептин милдеттери:</u>*

-Маалыматты билдирүү

-Коомго таасир берүү

-Коомдук жашоого белгилүү бир мамилени, жарандык позицияны формулировка кылуу.

*<u>3.Айтуу, сүйлөө жана ойду билдирүү негизинен төмөнкүдөй болот:</u>*

-Темасы боюнча учурга, элге кызык болгон

-Жаркыраган, сезимталдуу, чакырык таштоочу

-Ийгиликтүү аталыш

*<u>4.Тил каражаттары жана текстти түзүү ыкмалары:</u>*

-Окурманга түз кайрылуу

-Сүйлөм байланыштарынын параллелдүү ыкмасы колдонулган текст фрагменттери

-Экспрессивдүү кайталоо жана стандарттык лексика

-Айтуу максаттары жана эмоционалдуу боёктогу сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрү
-Сүйлөмдөрдүн мүчөлөрүн өз алдынча сүйлөм катары негизги маанилүү оюн ачууга жасалгалоо, көркөмдөө.
-Бул толук эмес сүйлөмдөрдү түзүүдөгү параллелизм.
-Же биримдигисиз, кайталануучу жана биримдиги бир өңчөй мүчөлөрдүн катары
-Китеп жана сүйлөшүү кебинин айкалышуусу
-Баарлашуучуга түз кайрылуу
-Сөздөрдүн тескери ирети (инверсия)
-Риторикалык суроолор
"Текст деген эмне" атту макалабыздагы кептин стилдери ушундай болду, эми бир аз тексттеги публицистика жанрларын карайлы.
Публицистика жанрлары. (Жанр - адабий чыгарманын түрү)
***1.Белгилер*** (газетага)
-Кандайдыр бир кызыктуу факт же коомдук жашоодогу окуяга кыскача билдирүү
-Билдирүүнүн максаты - коомдун жашоого көңүлүн буруу, автор атайын өзүн көрсөтпөйт
***2.Репортаж***
Репортаж -күбө болгон адамдын кандайдыр бир коомдук окуянын айтып берүүсү.
-Репортаж авторунун милдети: угармандар же окурмандар өзүлөрү көргөндөй кылып айтып берүү
-Кандайдыр бир процесстин процесс катары билдирүүсү
-Автор (инсан) дайыма болуп, окуяга болгон мамилеси дайыма бар (кубаныч, кайгыруу...)
-Репортажды түзүү:
А)Башталыш (болуп өткөн жердин абалынын баяндалышы, айлана-чөйрөнүн абалынын баяндалышы - бардыгы автордун чечиминен көз каранды; динамикалуу (бир түзүмдүү сүйлөмдөр, этиш эмес конструкциялар) же окурманга түз кайрылуудан башталышы мүмкүн)
Б)Борбордук бөлүк (баяндоо кебинин түрү, анткени окуя жөнүндө айтып берүү болуп жатат)
-Этиштердин көптүгү, кыска туюк атоочтуктардын.
В)Аягы (автордун жана окурманды ага алып келүүчү окуяга баа берүүсү, кыска кортунду)
-лексика синтаксистикалык конструкциялардан турат (суроо сүйлөмдөрү же алардын максаты, илептүү сүйлөм, кайрылуулар, кириш сөздөр жана сүйлөмдөр)
-репортаж темасы катары шаар ичине экскурсия болушу мүмкүн: архитектуралык эстеликтер, парктар, көчөлөр, тарыхый жерлер менен таанышуу (кептин түрү - баяндоо + фрагменттер)

***3.Макала - түшүндүрүүчү жанр***
-макала милдети - кандайдыр бир маанилүү маселеге адамдардын көңүлүн буруу, кайсы бир ойдун адилеттүүлүгүнө же каталыгына аларды ишендирүү.
-Ишендирээрлик, далилдик, автордун жеке позициясы.
-Түзүү: Башталышы - маселени коюуу, борбордук бөлүк - аны ачуу, аргументтер, мисалдар, чечим - кортунду, аягы (композиция репортаждыкындай)
-Бирок: кептин түрү менен - көйгөйлүү макала - бул пикир.
-Пикир ичинде кептин башка түрлөрү болушу мүмкүн (баяндоо, сүрөттөө)
-Негизги ой (тезис) - аргументтер (аргументтер менен тезисти байланыштыруу үчүн союздар, кириш сөздөр колдонулат) - натыйжа (кириш сөздөр)

***4.Портреттик очерк.***
-Очерк темасы - коомдук-маанилүү факт (окуя - ишитин негизин билүү)
-Очерк каарманы - жашоону өзгөртүүчү, ишке билимин, тажрыйбасын, күчүн берген, жогорку моралдык сапаттарга ээ болгон адам.
-Кеп каармандын иши жөнүндө эмес, анын мүнөзү, кызыгуулары, башка адамдар менен болгон мамилеси жөнүндө
-Очерк түзүүчү бөлүктөр:
1.Тышкы келбетинин баяндалышы

2.Анын иши, чыгармачылыгы жөнүндөгү баян
3.Биографиясынын башка фактылары
4.Мүнөзү, кеби
5.Каарманда негизгини ачуучу эпизод (бир нече)

Адабий кеп сөздөр менен сүрөт тартуу, сезимдерди окурманга жеткирүү зарыл болсо колдонулат.

Кептин милдети - таасир этүү Авторго образды жаратууга, башка мааниде сөз сүрөтүн тартууга жардам берүүчү конкреттүү сөздөрдү колдонуу; эмоционалдык-баалоо сөздөрү, анда автордун баяндап жаткан нерсесине анын мамилеси ачылат, экспрессивдүү кайталоо, ат атооч, синонимдер.

- Баяндоо - кеп бир убакта болуучу белгилер жөнүндө
- Аңгеме түрүндө айтуу - иш-аракеттердин тартиптүүлүгү
- Ой-пикир - касиеттердин жана кубулуштардын себептери жөнүндө айтылат.

**Лекция №4**
**Тема: Татаал синтаксистик бүтүндүк.**

ПЛАН:
1. Татаал синтаксистик бүтүндүк.
2. Абзац.
3. Айтым.
4. Көнүгүү иштери

***Өз алдынча иш*: *"Адабий окуу" окуулугундагы сөз өстүрүүгө берилген материалдар, алардын түрлөрү.***

**1. Татаал синтаксистик бүтүндүк.**

Текстте байланыш бүтүндүгү деген түшүнүк бар. байланыш бүтүндүгү сүйлөмдөрдүн бири бири менен синтаксистик жактан курулушуна жараша болушу анык. Тил илиминде текстти түзгөн сүйлөмдөдүн баары синтактсистик жактан курулат. Анткени синтаксис гана сүйлөм, сөз айкашы жана сөз жөнүндө карайт. Башкаларга салыштырмалуу синтаксистик бүтүндүк окуучунун сөз байлыгын арттырууда өтө маанилүү рол ойнойт.

Тексттеги айтылуучу ойдун бир сүйлөмдөн экинчисине берилип барышы анда атайын белгиленген сүйлөмдүн улам кийинки катарларда кайталанышы жана өнүктүрүлүшү аркылуу ишке ашат. Мындай байланыш каражаттарына лексикалык катмарлар, кайталоолор, лексикалык синонимдердин, ат атоочтордун анан маанилеш сөздөрдүн мааниси зор.

Текст ар кандай составдык көлөмдөгү сүйлөмдөр менен толукталат. Ар дайым эле сүйлөмдөрдү синтаксистик жактан талдап отурууга болбойт.анда тек гана бири-бирин ар тараптан толуктап турган гана сүйлөмдүн компоненттери негиз болуп берет. сүйлөмкачан татаал синтаксистик бүтүндүккө ээ болот? Качан гана айтылуучу ой толук кандуу максатына жеткенде же окурман тарабынан кабыл алынган маалымат толук кандуу түшүнүктүү болуп ишке ашканда гана.

**2. Абзац.** Текст кандай көлөмдө бобосун (толук чыгарма, чыгарманын главасы, бөлүм, татаал синтаксистик түрмөк)
Андагы негизги тема, айтылуучу негизги ой абзацтар аркылуу ишке ашат.
***Абзац*** - айтылуучу ойдун ырааттуу өнүгүшүн камсыз кылуучу тексттин бөлүктөрү.
Тексттеги бир ойдун экинчи ойго өтүшү абзацтар аркылуу белгиленет. Бул оозеки кепте пауза аркылуу ажыратылса, жазуу кепте жаңы саптан атайын орун калтырылып жазылат. Жазуу ишин жүргүзгөндө алдын ала эскертилип турулат. Мисалы, Жалал-Абад шаары.

Жалал-Абад шаары байыркы шаарлардын катарына кирет. Ал мындан эки кылым мурда пайда болгон. Жакында анын 150 жашын белгилөө алдында турабыз.

Жалал-Абад сен жаштардын демисин. Сага келе жатабыз. Биздин балалык ууз сүйүүбүз, сенсин. Сени менен ар дайым сыймыктанам. Сен жаштардын демине суугарылган жаштык шаарсын.

Шаарды ар тараптан тоолор курчап турат. Анын күн чыгышында айтылуу Азирети Аюб пайгамбарыбыздын шарапаты менен пайда болуп калган Шор-Булак бар. Элдин саламаттыгы үчүн курулган Жалал-Абад курорту жайгашкан.

**3. Айтым.**

***Айтым***- белгилүү сүйлөм тизмектеринин негизинде бир терең ойду берип турган сөз же сүйлөмдөр тизмеги. Анда толугу менен бир маани белгиленген болуп, ал атайын чечмелөөнү талап кылышы мүкүн. Мисалы, Учугун узарсын. Этегинден жалга. Аман-эсен бошонуп алсын. Дүйнө салды. Ушул жагынан лексикалык катмарлардын бири табуу, эффемизмге да окшоп кетет.

Айтымдар синтаксистик бирдиктин ширелишкен кеңдиги деп айтууга толук негиз бар. анткени синтаксистик бирдиктин негизин ширешме тутумдаштар түзөт.

Айтымдар текстте көп кездеше бербейт. Алардын маанилик жактан тутумдашкан татаал түзүмдөрү сүйлөмгө форма, көрк берип турат. Айтымдар буга чейинки мезгилдерде кеңири таралып, улам жаны сөздөрдүн пайда болушунда колдонулбай калып жатат. ошентсе да айрым диалектилик сөздөрдө жергиликтүү говорлордо колдонулуп келе жатат.

Чыгармаларда да кездешет. Жергиликтүү элдин оюнда болуп жаткан максаттуу иш-аракет мына ушул айтымдарда чагылдырылат. Айтымдар контекстти, б.а. синтаксистик бүтүндүктү түзүп турат. Алар бири-бири менен маанилик жактан да, грамматикалык жактанда активдүү ширелишет. Айрым учурда айтымдар ширешщменин активдүү формасы катары көрүнүшкө ээ болот.

**Айтым** – байыркы учурларда ыр деген сөздүн ордуна колдонулган, азыр да Кытайдагы кыргыздар көбүнчө ыр дебей айтым дейт, мисалы, эмгек Айтымы, эм-дом Айтымы жана башкайтым “Айт” деген буйрук этиштен келип чыккандай. Терминдик мааниде азыр уйкаштыгы катуу сакталбаган, эркин, кара сөзгө жакын, элдик ырым-жырымдарга байланышкан чыгармалар. Мисалы, “Нооруз айтымы” дегенди окуп көрөлү: Быйыл кар калың түштү, кыш оор келди,
Бирок Теңирим жалгап,
Калкыбыз кыштан аман чыкты.
Кысырек жалдуу калды,
Кыз эмчектүү калды,
Боз улан богоктуу калды...
Боз токту куйруктуу калды...
Эми минтип кыш кетти.
Кош бол, кышым!
Жаз келди.
Арыба жазым!
Жаңы жыл кирди.
Куш келипсиң, жаңы жыл!
Ылайым, баарыбызга бактылуу жыл бол,
Токчулуктун жылы бол,
Барчылыктын жылы бол,
О-о-мийин!

Акындар айтышында төкмөлүк эң бийик чегине жетет. Айтышка катышкан акындардын тапкычтыгы, ырчылык өнөрү, устаттыгы сыналат. Айтышуу ыгына карай алымсабак айтыш, кордоо айтышы, табышмактуу айтыш болуп бөлүнөт. М. Ауэзов казактарда айтыштын ондон ашык түрлөрү бар экендигин белгилеген. Кыргыз адабиятынын тарыхында АЙТЫМ жанрын өнүктүрүүдө Токтогул менен Эшмамбет, Жеңижок менен Коргол сыяктуу акындардын ролу чоң. АЙТЫМ салтын улантып жана аны өнүктүрүүдө Алымкул, Калык, Осмонкул, Ысмайыл,

Токтонаалы баалуу эмгек сиңирген. Азыркы учурда айтыштын салттарын Э. Турсуналиев, АЙТЫМ Айталиев, Т. Абдиев, З. Үсөнбаев жана башка айтым улантууда айтым Мисалы, "Күйөө менен колукту" деген Айтышта мындай айтылганы бар.
Колуктусу:
Ак бараң мылтык асынып,
Аяктай ташка жашынып,
Атып алар жериңде
Суу түбүндө ойногон
Кемерде жатып бойлогон,
Ак чабак болуп кылтылдап,
Сууга кетсем кантесиң? – деп ырдаса ага күйөөсү минтип жооп берет:
Ак чабак болуп кылтылдап,
Сууга кетер жериңде,
Жез кайырмак кылдырып,
Боосун жибек чалдырып,
Сууга алып барып салдырып,
Илип алсам кантесиң.
АЙТЫМ ушинтип улана берет.
Акындар айтышы нукура кыргыз турмушунун, кыргыз чындыгынын улуттук өзгөчөлүгүн чагылдырган поэтикалык формалардын бирине жатат. Поэтикалык окуя катарында АЙТЫМ эл чогулган жерлерде, ар түркүн каада-салттуу аш-тойлордо жана башкайтым аземдүү жыйындарда жаралат. Ар кандай традициялуу поэзиянын бир түрүндөй эле Айтым өзүнүн тематикалык-мотивдик канондоруна ээ. Традициялуу канондорду канчалык терең өздөш-түрсө, ошончолук деңгээлде акын өзүнүн жеке өзгөчөлүгүн, өз алдынчалыгын ачыкка чыгарат, эл элегинен , айрыкча бир сыноодон өтөт.
Ошондуктан АЙТЫМ кыргыз оозеки поэзиясындагы акындардын жекеме –жеке беттешүүсү, "күч сынашуу", поэтикалык эрөөлү. Айтышта акындын сөз тапкычтыгы, ойду улам тереңдетип өөрчүтө билиши, көркөм ой-жүгүртүүсүнүн масштабы, кеңдиги, тереңдиги, ошондой эле ырдын ыргагына, уйкашына жараша көркөм сөз каражаттарын өз-өз ордуна коё билиши аныкталат. Ошондуктан АЙТЫМ алгач "саламдашуудан" башталган. Ушул мааниде "Барпы менен Жеңижоктун учурашуусун" мисалга келтирүүгө болот. Барпын саламынан кийин Жеңижок өзүнө мүнөздүү болгон куйкумдуу юмор аралашкан ыр саптарында Барпынын бир аз сынга алат да, төмөнкүдөй табышмак менен кайрылат:
"Балам, жүрөгүңө кол салып,
Бир аз сени сынадым.
Баятан берки сөзүмө,
капа болбо чырагым.
Өйдө өтөт көк дөбөт,
Бул эмине болучу?
Ылдый өтөт көк дөбөт,
Ал эмине болучу?!
Барпы бул табышмакка төмөнкүдөй жооп берет:
"Өйдө өткөн көк дөбөт
Амал болот Жеңижок.
Ылдый өткөн көк дөбөт
Шамал болот Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Жаман болот Жеңижок!"
Чоң акындын сыноосунан өтүп жаткан жаш акынга мындан да каймана, мындан да татаал "күн", "дил" жөнүндөгү "табышмагын" берет. Барпынын акындык, ойчулдук керемети дал ушул тематикалык мотивде образды ачып берүүдө ого бетер аныкталат. Кыргыз оозеки поэзиясында Айтыштын классикалык үлгүсү катары Жеңижок менен Эсенамандын поэтикалык

кездешүүсүн көрсөтсө болот. Бул айтышта жер-суу, тоо-таш, жаратылыш көркү, аалам, ай-күн, жашоо-тиричилигинен баштап, дүйнөнүн жаралыш сырына чейин камтылат. Ушундай тематикалык масштабдуулукка жараша ыр түзүлүшү, көркөм сөз каражаттары, ар түрдүү салыштыруулар, каймана сүрөттөөлөр, литотадан тартып гиперболага чейин, аллегориялык образдар – бардыгы кыргыз элинин турмушуна, каада-салтына ылайык негизделет.

Далай Айтыштарда жеңип чыккан патриарх акын Эсенамандын алдында күчкө толуп, поэтикалык ажары толук ачылып келаткан Жеңижоктун поэтикалык арааны алыстан көрүнүп, дагы канчалык алыска "чуркаары" далилденет. Анткени, бул жөн эле чечендиктин, көркөм сөздүүлүктүн, эпкелишкен уйкаштыктын айтышы эмес, баарынан мурда терең ойчулдуктун жана кайталангыс көркөм образдуулуктун табигый гармониясынан жаралган. АЙТЫМ Жеңижокко кайрылган тиадасында Эсенаман өзүнүн "акындык образын" сүрөттөйт. Эпикалык паралеллизмдин эң бийик деңгээлинде жаралган бул ыр саптарынын бир гана строфасы мындайча:

"Күлүгү болом жылкынын,
Күкүгү болом ырчынын.
Күлдү журттун ичинде,
Күкүктөй сайрап турчумун.
Күүлөнүп келген ырчынын,
Күрмөлтпөй тилин буучумун.
Күүлөнгөн сендей жетимди,
Күнөөлөп топтон куучумун".

Эсенамандын зор акындык талантынан жаралган бул таамай тартылган образдарга ошолордун өздөрүнө гана теңтайлаш, маанилеш барабар келген элестүүлүк, курчтук менен жооп берүү күтүлөт. Жеңижок дал ошол образдык курулмаларды табат:

"Күлүгү болсоң жылкынын,
Күнүгө тойго минбейби.
Күкүгү болсоң ырчынын,
Күүлөнсө кыргый тийбейби.
Күкүгү болом деп жүрүп,
Көптөн алдап жеп жүрүп,
Күнөөгө башың кирбейби".

Бул ыр саптарында канчалык ирония менен юмор бар экенине карабастан, бири-бирин келекелөө, шылдыңдоо, кемсинтүү сезилбейт. Бул – нукура акындык дилден жаралган бийик образдык курулмаларга дал келген, маани жагынан да, сүрөттөө жагынан да конгениалдуу образдуулук менен жооп берүү, башкача айтканда айтым акындык "күч сынашуу", жекеме-жеке поэтикалык эрөөл.

**4. Көнүгүү иштери**

Синтаксистик бирдик же ширешменин тутумун үйрөнүү үчүн атайын көнүгүүлөр берилген. Анда окуучулар өз алдынча тексттеги синтаксистик бирдиктерди, ширешмелерди өз алдынча таап үйрөнүшөт. Ошол эле мезгилде абзацтарды да белгилөө керек.

**Лекция №5**

**Тема: Кептин түрлөрү**

ПЛАН:

1. Кептин түрлөрү.
2. Баяндоо.
3. Сүрөттөө.
4. Ой жүгүртүү.

**Өз алдынча иш:** *"Кыргыз тили" сабагына сунушталган сөз өстүрүүгө берилген материалдардын формалары (Класстер түзүү)*

**1. Кептин түрлөрү**

***"Кептин түрлөрү"*** кандай, алардын эмне айырмачылыктары бар, деги эле кептин канча түрү бар ушул жөнүндө лекциябызды баштайлы да, алгач макаланын мазмуну менен таанышып алалы, жана айтып коёлу. Кептин төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

***1.Баяндоо.*** (окуяны, кубулушту, болумушту, тарыхты..ж.б.)

**2.Сүрөттөө**. Ал-абалды (адамдарды, айлананы ж. б.) сүрөттөө

**3.Ой жүгүртүү.** (изилдөөлөр, аргумент, фактылар)

Окуя, көрүнүш, кыймыл-аракеттердин логикалуу, системалуу факты, материалдарга таянылган негизде баяндалышы ***БАЯНДОО*** деп аталат. Анда мазмун, сюжет, каармандар болот. **Баяндоо** аңгеме, жомок, уламыштарда, адабий чыгармаларда пайдаланылат. Ал эми кептин сүрөттөө түрүндө мазмуну, окуясы, сюжети жок болот. Предмет, көрүнүш, айлана-чөйрө, пейзаждын белгилери, касиеттери, сапаттары көркөм сүрөттөлөт.

Мисалы: Күн кеч кирип бара жатат. Аялдамада эл толтура. Бир сааттан бери автобус жок. Тыныгуу мезгили болсо керек. Шашкан адамдар улам саатын карап тынчсызданышууда. Аңгыча аба барган сайын муздап, кар себээлей баштады. Тез эле теребелди аппак кар каптады. Шашкандар автобустан үмүтүн үзүшүп, ак карды жирей жөө жөнөштү.

Мында алгач айлана-чөйрөнүн абалы баяндалып, андан соң сүрөттөлдү, акырында кайра кыймыл-аракет баяндалды. Мунун схема түрүндөгүсү төмөнкүдөй:

баяндоо - сүрөттөө - баяндоо

Айрым учурда айлана-чөйрөнү, анан окуя жөнүндө баяндоо, кайра пейзажды сүрөттөө, анан кайра баяндоо болушу да мүмкүн. Схемасы төмөндөгүдөй:

сүрөттөө - баяндоо - сүрөттөө - баяндоо

Мисалы: Чырмоок күнүгө алгач гүл ачып, салам айтат. Ак гүлү, ак-көгүш гүлү, дагы башка-башка түстөгү гүлдөрү бар. Эгер жанында тынч отурсаң, көз ачкан гүлдөр өз ара сырдашып жаткандай туюлат. Күн төбөгө чыгып, аптабы кокту ичине уюган маалда бала бийик шыраалжындын түбүнө кирип кетет. Гүлү жок болсо да, жыты буруксуган шыраалжын түп-түп болуп бийик өсүп, арасына башка чөптү жолотпойт. Балага калганда дагы артыкча досчулугу бар шыраалжындын: бирөөдөн кагуу жеп, таарынганда, же кусалык көкүрөгүнө толгондо, эч кимге көрүнбөй ыйлагысы келип, шыраалжындын арасына житип кетет. Өпкө-өпкөсүнө батпай солуктаган бала шыраалжындын буруксуган чайыр жытын кере жутуп, салкын түбүндө жатат. Булуттар түпсүз көккө каалгып, оюн курушат. Ошентип, баланы алаксытат, сооротушат. Бир эле булуттан миң түркүн сүрөт көрүнгөнүн тиктеп, жыты буруксуган, көктү жаппаган шыраалжындын түбүндө бала улутунуп коюп жата берет. (Ак кеме)

Ал-абалды (адамдарды, айлананы ж. б.) сүрөттөө

Адамдардын ал-абалын сүрөттөөдө сырткы келбети, тулку бою, кыял-жоругу, баскан-турганы, кийген кийиминен баштап, анын ар кыл турмуштук кырдаалдардагы психологиялык ал-абалы, ички эмоционалдык сезимдери ж. б. көркөм сөз каражаттарынын жардамы менен сүрөттөлөт. Көбүнчө адамдын сапаттарын билдирүүдө сын атооч сөздөрдүн түрлөрү, зат атоочтор, сан атоочтор, этиштер, сырдык сөздөр жана башкалар колдонулат.

Мисалы: менин атам узун бойлуу, көк көздүү, ак жуумал, жайык бет, ачык жүздүү, кайраттуу, акылман, камкор, чынчыл, даанышман адам болчу.

Мында адамдын келбети, мүнөзү, оң сапаттары жалаң сын атооч сөздөр менен саналып өттү. Адамдын кулк-мүнөзүн сүрөттөөдө фразеологиялык айкалыштар да колдонулат.

Мисалы: Аңды-дөңдү карабаган — байкабаган, олдоксон адам. Кабак-кашым дебеген — эч нерсеге кайгырбаган адам. Ачуусу мурдунун учунда — бат эле ачууланган адам. Бармагынан бал тамган — чебер, устат, өнөрлүү. Кирпиктен тартса жыгылгандай — абдан арык, алсыз. Кой оозунан чөп албаган — жоош, момун, өйдө карабаган. Жылан өлтурсө, таш алып бербеген — таш боор адам ж. б.

Мына ушундай ***"кептин түрлөрү"*** ары ар түдүү, ар сапаттуу касиеттерге ээ. Кептин түрлөрүндө ошондой эле салыштыруу, эпитеттер да кездешет. Айлананы сүрөттөөдө жаратылыштын коozдугу, пейзаж, кубулуштар, табияттын ар кыл көрүнүштөрү, бизди курчап турган буюмдар, турак жай, мекеме, ишканалар сүрөттөлөт. Пейзажды

сүрөттөөдө салыштыруулар, көркөм боёкчолуу сөздөр арбын кездешет. Ал эми турак жайларды сүрөттөөдө статистикалык маалыматтар менен бирге сүрөттөлөт.

1-мисал: биздин мектеп айылдын дал ортосунда жайгашкан. Ал үч кабаттуу. Класс-кабинеттер — чоң жана жарык. Ар бир кабинетте отуздан балага ылайыкталган орундуктар жайгашкан. Мында мектептин абалы кыска сүрөттөлдү.

2-мисал: Күн чайыттай ачык. Эгин талаасы деңиздей чалкып жатат. Теребел жымжырт. Аба таза. Мында айлана-чөйрөнү сүрөттөөдө, зат атоочтон сын атооч жасоочудай мүчөсүнүн жардамы менен эгин талаасы чалкыган деңизге салыштырылды.

**3. Ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилери**

Ой жүгүртүү — баяндоо, сүрөттөөгө караганда түзүлүш жагынан татаал. Бул кептин илимий стили менен тыгыз байланышта келет. Окуя, көрүнүштөрдүн, табияттын ар кыл кубулуштарынын келип чыгуу шарттарына, өбөлгөлөрүнө байкоо жүргүзүү, алардын себебин, сырларын билүү, ачуу максатында зарыл материалдарды, аргумент-далилдерди суроо коюу аркылуу табуу. Аныгына жетүү, акырында ошолордун негизинде жыйынтыкка, корутундуга келүү, тыянак чыгаруу, издеген суроолорунун жообун, жандырмагын табуу болуп саналат. Ой жүгүртуунүн түзүлүш схемасы төмөндөгүдөй:

***Тезис*** - эмне үчүн? (себеби) - аргумент, факты, мисал, корутундулар - эмнени билебиз? (анткени) - тыянак

Бул - толук ой жүгүртүүнүн көрүнүшү. Айрым учурда ой жүгүртүүдө тезис катышпай калышы мүмкүн. Же тигил, же бул ой жүгүртүүнүн корутундусун чыгарууну окурмандардын эркине калтырган учурлар да болот. Мында тезис, далил, аргументтерге таянуу менен туура жыйынтыкка келүүгө шарт түзүлөт.

Ой жүгүртүү логикалык ойлонууну, суроо коё билүүнү, бир нерсеге байкоо жүргүзө алууну, аны башкалар менен салыштырууга үйрөнүүнү, белги-касиеттерди же себептерди далилдүү факт, аргументтердин негизинде таба алууга, өз алдынча корутунду пикирге келүүгө, бардык окуя, көрүнүштөргө аң-сезимдүү мамиле жасап, талдай алууга, чыгармачыл ой жүгүртүүгө көндүрөт, түшүнүк, элестөөлөрүн байытат. Илим-билимдин сырларынан кабар берип, анализ, синтез жасоого үйрөтөт.

Мисал: Адам баласы асмандагы канаттуулардан тез, бийик жана алыс учууну эчак эле ойлошкон. Канаттуулардын кандай учканын байкап көргүлөчү. Алар канаттарын бир-эки сермеп, анан асманга учуп чыгат. Оңой эле учуп келип жерге конот. Ал эми самолётко, сөзсүз, аэродром керек. Ансыз самолёттор асманга көтөрүлө да албайт, жерге коно да албайт. Канаттуулардын башка артыкчылыгы да бар. Чабалекей балдарын кандай тамактандырарын көз алдыңарга элестетип көргүлөчү. Чабалекейлер канаттарын тез-тез сермеп, учуп киреरде абада асылып тургандай көрүнөт. Самолёттор антип токтоп тура албайт. Учуп баратканда гана абада боло алат. Ошондуктан самолёттор учушу жана жерге келип конушу үчүн атайын аянтча керек. Самолёттун дагы бир өзгөчөлүгү — эгер мотор иштебей калса, же бир тетиги сынып калса, винттери айлана берет. Ал ошол замат жерге түшүп кетпейт. Акырындык менен төмөндөй баштайт. Айыл чарбасында, өнөр жайда жана турмуштун башка тармактары үчүн да самолёттун практикалык мааниси өтө зор.

**Лекция №6**

**Тема:** ***Кептин стилдери: сүйлөшүү стили, илимий стиль.***

ПЛАН:

1. Кептин стилдери.
2. Сүйлөшүү стили.
3. Илимий стиль

**Өз алдынча иш:** *Сөз өстүрүүдө окуучунун ойлоосун өнүктүрүүчү көнүгүүлөр менен иштөө*

**1. Кептин стилдери.**

Байланыштуу кепте текст колдонулат. Ал болсо сөзсүз бир стилде жазылат.

Стил-бул кептин белгилүү бир максатка, пикир алышуунун чөйрөсүнө ылайыкталган түрү. Же болбосо, стиль-кептин кырдаалына жараша ар кандай формада ишке ашат. ошого жараша кептин стили аныкталат.

Окуучуларга пкир алышуудагы кептин стилдеринин максаттары да ар түрдүү экендигин ошог жараша стилдер да ар башкача мүнөзгө ээ экендигин белгилеп кетүү зарыл. Мына ушундай ири өзгөчөлүктөрдөн улам алардын ар биринин тил каражаттары кандай болоорун окуучуларга түшүндүрүү, ага машыктыруу - эң башкы милдеттерден. Анткени , стилдер оозеки-сүлөшүү, илимий стиль, публицистикалык стиль, көркөм стиль, иш кагаздарынын стили деген топторго дал ошол тил каражаттарынын түрдүүлүгүнөн улам бөлүнөт. Кептин бул стилдери өзүлөрүнөтиешелүү мүнөздүү белгилери менен бири-биринен кескин айырмаланып турат. Оозеки-сүйлөшүү стилин шарттуу түрдөө карап, тилдин форпмасы катары алса болот. Себеби ал ар кыл турмукштук кырдаалдарда ар убак кездешет. Оозеки сүйлөшүүгө эч кандай чек коё албайбыз. Ал өтө эркин болгондуктан тилкаражаттарын пайдалануу да эркин болот. Сүйлөөчүлөрдүн билгичтик деңгээлдерине жараша мазмундук жагынан да ар түрдүү болот.

**2. Сүйлөшүү стили.**

Стилдердин арасынан оозеки-сүйлөшүү стили коомдук турмушта өтө кеңири колдонулгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Ал турмуш-тиричиликте, үй-бүлодо, расмий эмес жагдайларда пикир алышуунун негизги стили катары кызмат кылат. Бул стилде ойлоо менен сүйлөө бир мезгилде ишке ашат. ошондуктан ал эч кандай даярдыксыз эле ишке ашат. Сүйлөшүү мезгилинде жаңсоо, ымдоо, баш ийкөө, кол шилтөө сыяктуу ар кандай мимикалар, жесттер менен катар интонациялар колдонулат. Сүлөшүп жаткандар бири-бирине мамилесин, сезимин, эмоциясын билдиришип, пикир алышуу көбүнчө суроо-жооп түрүндө түзүлүп, 2 же андан көп адамдардын маегин чагылдырып турат.

**3. Илимий стиль.**

Кептин түрлөрүнүн ичинен Ой жүгүртүүгө абдан жакын турат. Анткени кайсыдыр бир нерсенин изилдениши, ар тараптуу факт менен тасыкталышы зарыл болгон учурлар кездешет. Ошондой эле кептин бул өзгөчө стили катары каралат. Мисалы, текстте издөө обектиси, же кандайдыр орчундуу маселе болсо, ал изилденмейинче ишке ашпайт. Кандай болгондо да илимий стилдин терминдери так, негиздүү, түшүнүктүү, кыска келип, лексикалык-мофологиялык , синтаксистик тил каражаттары кеңири колдонулат. Булстилде тезис, доулад, лекция, рефреат, конспект, цитата, библеография, илимий макалалар, диссертациялык иштер жазыларын логикалуулук,аргументүүлүк мүнөздүү экендигин башталгыч класстардан тартып эле өздөштүрө башташат.

**Лекция №7**
**Тема: Көркөм стиль. Публицистикалык стиль. Иш кагаздары.**

ПЛАН:

1. Көркөм стиль.
2. Публицистикалык стиль.
3. Иш кагаздары

***Өз алдынча иш*: *“Адабий окуу” китебиндеги (кыргыз тили) байланыштуу кепке берилген материалдар, алардын системасы***

**1. Көркөм стиль**

Тил илиминдеги көркөм стил окуучулардын кебин өстүрүүдө эң зарыл стилдердин катарын толуктайт. Байланыштуу кептин негизин түзөт. Анткени окуучулардын кебин өстүрүүдө көркөм чыгармалардан, чакан көлөмдөгү тексттерден пайдаланабыз жана анын үстүндө кеңири иш алып барабыз. Эгерде сүйлөшүүнүн негизин кептин сүйлөшүү оозеки стили түзсө, ага диалогдук кеп тиешелүү. Сүйлөшүү стилине окуучулар мектепке чейин эле болушса, мектепке келгенден соң монологдук кеп түшүнүгүнө ээ болушат.

Көркөм стилге – конкреттүүлүк, образдуулук, обьективдүүлүк, эмоционалдуулук мүнөздүү. Көркөм стилдин тили коммуникативдик  каражат гана болбостон, окуучуларга таасир этүүчү курал катары  кызмат кылат. Эгер окумуштуу предмет жөнүндө маалымат гана берсе (илимий стиль) жазуучу ошол предметти конкреттүү сүрөттөп берет.

Көркөм стиль көркөм чыгармаларга мүнөздүү. Анткени жазуучу чыгарма жазууда айтайын деген оюн элестүү, обрздуу, көркөм бериш үчүн көркөм сөз каражаттарын тандайт. Көркөм стилде троптун жөнөкөй да, татаал да түрлөрү кеңири колдонулат. Башталгыч класстарда троптун элементтери гана берилет. Алсак, салыштыруу, эпитеттер элементтери менен тааныштырылат. Ал эми троптун татаал түрү метонимия, метафора, литота, ирония, снегдоха, гипербола сыяктуу түшүнүктөр тереңдетилип окутулбаса да үстүртөн гана айтылып кетет. Ошентсе да чыгармадагы каармандын образын ачууда же кайсыдыр бир нерсенин кебете кепширин сүрөттөөдө да мына ушул көркөм сөз каражаттарынын айрымдары пайдаланылып келет.  Көркөм чыгарманын үстүндө иштөө менен бирге окуучулар  образдуу сөздөргө маани беришет жана аны кепке колдонуу зарылдыгын билишет. Керек болсо өз кебинде колдоно баштайт. Ушундай учурлар болгондо окуучунун ал сөздү туура багытта колдонуп жаткандыгына маани берүү зарыл. Көркөм текстти окуп, анда колдонулган тил каражаттарына окуучулардын көңүлүн буруу зарыл. Алар тексттеги автордун сүрөттөсүндө тил каражаттарын абдан так, таамай, элестүү, образдуу колдонулганын байкоого алышат. Мында көркөм сөздүн күчтүү таасиринен окурман ошол окуяга аралашып кеткенин өзү да сезбей калат. Эмоциясы козголдуп, окуяга бүт жан дили, дүйнөсү менен берилип кетет. Эгерде мындай тексттен айрым оюраздуу сөздөрдү алып таштасак, андаал жөн гана баяндоо формасындагы текст болуп калат. Мындагы образдуу, эмоционалдуу сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштырууга болбойт эле. Анткени алсөздөр ошол жерде абдан даана пайдаланылган. Жазуучунун чеберчилиги, жазуучулук дарамети да ушул жерде. Сөз байлыгын ашырууда көркөмстилдин мааниси абдан зор. Анткени биз окууучулар менен иштөөдө тил илиминдеги лексика, сөздүн тике жана өтмө мааниси, синонимдер, антонимдер, омонимдер сыяктуу темалар менен тыгыз байланышта ишалып барабыз. Ар бир тексттен соң тапшырмалар берилип, улам талданып барылса, анда кеп ишмердүүлүгү жанданат жана сөз байлыгы өсөт.

**2. Публицистикалык стиль.**

Публицистикалык стиль – белгилүү бир коомдук-саясий чөйрөдө сүйлөшүүнүн функционалдык түрү катары белгилүү. Ал кеп стилдеринин ичинен өзгөчөлөнгөн стиль. Анткени ушул гана стилде коомдогу өзгөрүүлөр, жанылыктар,айрым коомдук көзкараштар бизге жетип турат. Муну ошондон улам журналисттердин стили деп да атап жүрүшөт. Ал коомдук саясий-идеологиялык, экономикалык, маданий, спорттук билдирүүлөдү теле-радио берүүдө, гащзета-журналдардын беттеринде угуучуларга, окуучуларга, окурмандарга тез,так,таасирдүү, элестүү жеткирет. Анткени мындагы “ПУБЛИКО” деген сөз – көпчүлүк, угуучулар (коом) деген түшүнүктү берет. публицистикалык стилдин башкы максаты-өлкөбүздөгү жана дүйнө жүзүндө  болуа жаткан кубулуштар, жаңылыктарды кечиктирбестен, так окурмандардын калың катмарына жеткирүү.

Публицистикалык стилде автор окуяны далөзүндөй кылып чагылдырып эле тим болботон, ага карата жалпы калайык калктын белгилүү бир көз карашын калыптандырууну да көздөйт.

Публицисткалык стилге кирүүчү чыгармалардын аталышы төмөндөгүдөй:

1. Интервью;
2. Репортаж;
3. Сын макала;
4. Сын пикир;
5. Макала;
6. Аннотация;
7. Кабарлар;
8. Портреттик очерк;

9. Жаңылыктар;
10. Новелла;
11. Фелетон;
12. Этьюд, ж.б.

**3. Иш кагазары**

Административдик башкарууларга, укуктук мамилелерге, кызматка расмий чөйрөлөргө мүнөздүү стиль. Иш кагаздары экиге бөлүнөт:

1. Расмий иш кагаздары: (мыйзам, указ, буйрук, жобо, программа, устав ж.б.)
2. Расмий эмес ищ кагаздары: (арыз, өмүр баян, мүнөздөмө, жарыя, кулактандыруу, чакыруу кат, телеграмма, дарек,иш план, рапорт, ишеним кат, түшүнүк кат, ж.б.у.с.)

Булардын баары жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Башталгыч класстарда булардын айрым элементтери гана окутулуп баштайт.

Иш кагаздар стилинин башкы максаты – кызыкчылыгы бар тараптарды (мекеме, ишканалардын, мамлекет, уюмдардын, калктын) жөнгө салуу менен өз ара макуулдашууларын, убадалашкандыгын, биримдигин системага салуу. Коомдо ар кыл тармактардагы иш кагаздары сан жагынан абдан көп. Кайсы бир өндүрүш тармагында өзүнө ыылайык иш кагаздары пайдаланылса, алардын айрым бир тобу башка жерлерде таптакыр колдонулбашы да мүмкүн. мисалы айыл чарбасындагы табелдик бланка эл агартуу тармагына жараксыз болушу мүкүн. ж.б.

Иш кагаздар стилине тактык, официалдуулук мүнөздүү. Ал билдирүүчү, кабарлоочу, тастыктоочу, далилдөөчү кызмат аткарат.

Иш кагаздары стилинин дагы бир башкы максаты – конкреттүү маселе боюнча так маалымат берүү. Ага образдуулук, эмоционалдуулук таандык эмес. Иш кагаздары так жана кыска болот. Аларга официалдуулук мүнөздүү.

**Лекция №8**
**Тема:** ***Сөз өстүрүүнүн практикалык маселелери.***

ПЛАН:

1. Сөз өстүрүү.
2. Сөз өстүрүүнүн практикалык маселелери
3. Сөз өстүрүү технологиялары

***Өз алдынча иш*****:** ***Кептин функционалдык-маанилик түрлөрү (сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү)***

**1. Сөз өстүрүү**

Тилдин пикир алышуудагы өтөгөн кызматы байланыштуу кепте көрүнөт. Кептин эң кичине бөлүгү – сүйлөм. Бир нече сүйлөмдөр тематикалык, маанилик, грамматикалык жактан бүтүндүккө келип, мазмунду берип, текстти түзөт. Текст тема жана негизги ойдон туруп, абзацтык ойлордон куралат.

Кептин берилиш жагдайы стилге байланыштуу. Кептин стили колдонулуш чөйрөлөрүнө, максаттарына, берилиш өзгөчөлүктөрүнө, анда колдонулган тил каражаттарына байланыштуу болот. Стилдин ушундай мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жагынан өз ара айырмаланган 5 түрү бар. Сүйлөшүү, илимий, көркөм, официалдуу-иштиктүү жана публицистикалык стилдер.

Байланыштуу кеп негизинен маанилик-функциялык жагынан 3 түргө бөлүнөт. Баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү. Сүрөттөө кебинин объектилери ар түрдүү. Алар: жандуу-жансыз заттарды, айлана-чөйрөнү, ал-абалды сүрөттөө ж.б.

Кеп стилдеринин түрлөрүндө аткарылуучу практикалык иштер арбын. Алсак, илимий стилде доклад, реферат, тезис, конспект ж.б. жазуулар болот. Ушундай эле публицистикалык стилде интервью, репортаж, макала ж.б. иштер жазылат. Официалдуу иштиктүү стилде да

аткарылуучу жазма иштер арбын көп. Өзгөчө официалдуу эмес иш кагаздарынын үлгүлөрүн окуучулар жаза билүүгө үйрөнүшү зарыл. Андыктан алар сабакта машыктырылып, үйрөтүлүп, үлгүлөрү кыргыз тил кабинетинде илинип турушу керек.

Мына ушундай новатор-педагог Н.Абдесов сунуштаган дагы башка таяныч таблицаларын (№1....5,6,7,8,9,10-таблицалар) башталгыч мектептин окуучуларына, өтүлүүчү материалга жараша иргеп алып, аны алымча-кошумчалар менен окутуу процессинде колдонсок, жакшы натыйжаларга жете аларыбызды практика далилдеди.

1-таблица, **Үндүүлөрдүн бөлүнүшү.**
2-таблица, **Үнсүздөрдүн бөлүнүшү.**
3-таблица**, Жөндөмөлөр.**
4-таблица, **Байланыштуу кеп.**
5-таблица, **Зат атооч.**
6-таблица, **Сын атооч.**
7-таблица, **Ат атооч. Сан атооч.**
8-таблица, **Этиш.**
9-таблица, **Сөз айкалышы.**
10-таблица, **Татаал сүйлөм.**

***Стандарттык эмес сабактарды уюштуруудагы көрсөтмөлүүлүк.***

Мектеп программасында берилген темалардын грамматикалык эрежелерин окуучуларга китептен окуп, жаттатып гана тим болбостон, мугалим өзү терең талдап билип, аны практикада мисалдар менен айкалыштырып, окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүүнүн жолдорун ойлонуштуруп табуусу керек. Өзгөчө кесибин жогору баалап, өз ишине жоопкерчиликтүү караган мугалимге жалкоолук жат, кайдыгерлик кас болуу керек. Мугалим окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүүдө учурдун талабы болгон окутуунун активдүү формаларын, адатка айланбаган стандарт эмес сабактарды кеңири практикалоосу зарыл.

Адатка айланбаган сабакты өткөрүү үчүн мугалим төмөнкүлөрдү эске тутуусу керек:

- адатка айланбаган сабак окутуу-тарбиялоонун негизги каражаттарынын бири болуп саналат. Ошондуктан мугалим сабактын билим-тарбия берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк максатын жакшы билүүлөр керек;
- адатка айланбаган сабактын максатына мугалим чыгармачылык менен жыл боюнча ийгиликтүү иштегенде гана жетише алат;
- адатка айланбаган сабакты өткөрүүдө ар бир окуучунун жана коллективдин (класстын) жекече өзгөчөлүктөрүн толук эсепке алуулары, алардын ар бирине туура мамиле кыла билүүлөрү керек;
- адатка айланбаган сабакты өткөрүүдө ошол мектепте, райондо, республикада иштеген чыгармачыл мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын пайдаланууну талап кылат;
- сабакта окутуунун техникалык куралдарын ж.б. көбүрөөк пайдалануу керек. Сабакты өткөрүүгө окумуштуулар жана методистер, чыгармачыл мугалимдер көбүрөөк жардам берүүгө тийиш;
- адатка айланбаган сабактын кайсы түрүн өтөрүн, теманын, материалдардын максатына, көлөмүнө карай тандап алат;
- адатка айланбаган сабактын активдүү формаларын туура уюштуруу жана коюлган максатына жеткирүү үчүн мугалим алардын методикасын жакшы билүүлөрү аздык кылат, аны чыгармачылык менен иштөө гана керек.

Мындай сабактарга мисал катары төмөнкүлөрдү келтирсек болот:

1) Сабак-жомок;

2) Сабак-аңгеме;

3) Сабак-конференция;

4) Сабак-пресс- конференция;

5) Сабак-семинар;

6) Сабак-сынак (зачет);

7) Сабак-таймаш (мелдеш);

8) Сабак-комплекс;

9) Сабак-лекция;

10) Сабак-экскурция;

11) Сабак-консультация (жардам берүү сабагы);

12) Сабак-практикум.

Бирок, бул сабактардын бардык эле түрүн башталгыч мектепте колдонууга болбойт. Биз төмөндө башталгыч класстарда кеңири практикаланып жүргөн жана окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келүү менен алардын билимге болгон кызыгууларын туудуруп, өтүлө турган материалдын өздөштүрүлүүсүнө оң таасирин тийгизген, көпчүлүк мугалимдер тарабынан жактырылган сабак-жомок формасын кыргыз тилин окутууда сунуштайбыз.

Кыргыз тил сабагында колдонулуучу жомокту балалык кездеги чыныгы жомоктун түрү деш такыр эле болбойт. Тескерисинче, кыргыз тилин терең өздөштүрүү, окуучулардын логикалык ойлоосун, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу, көңүл буруусун өстүрүү үчүн мугалим тарабынан колдонуучу методикалык ыкмалардын, окутуунун активдүү формаларынын бир түрү болуп саналат.

Мугалим сабакта жалаң гана көнүгүүлөрдү, ар кандай тапшырмаларды иштетүү же аткартуу менен гана чектелбестен, жомок түрүндөгү мелдештерди (таймаштарды), конкурстарды (сынактарды), же оюн диктанттарды, оюн тапшырмаларды, жомок-саякаттарды ж.б. колдоно алат. Ачык айтып коюу керек, оюнду ар бир мугалим өзүнүн чыгармачылык шыгына жараша ар түрдүү вариантта өткөрө алат. Себеби баланын табигый жаратылышы жомокту жакшы көрөт. Демек, грамматикалык, фонетикалык ж.б. ар кандай эрежелерди өздөштүрүү жомок мүнөзүндө болсо, анда окуучулар өтүлүп жаткан эрежелерди, материалдарды абдан жакшы өздөштүрүшөрү мектеп турмушунда белгилүү болду.

Кыргыз тил сабагында колдонулуучу сабактын мындай түрлөрү эне тилин окутуудагы негизги натыйжа берүүчү ыкмалардан деп кароо керек. Мындай жомокторду сабактын бардык этаптарында: өтүлгөн сабакты (теманы) кайталоодо, жаңы теманы түшүндүрүүдө, сабакты бышыктоодо ж.б. колдонууга да болот. Алар сөз өстүрүүнүн практикалык маселелеринде каралган.

**2. Сөз өстүрүүнүн практикалык маселелери**

***<u>Биринчи сабак-жомок.</u>***

*<u>Сын атооч жөнүндө жаңы-жомок.</u>*

Мугалимдин «Сын атооч жөнүндө түшүнүк» деген теманы төмөндөгүдөй мазмунда түшүндүрүшүн сунуш кылабыз.

Мугалимдин сөзү: Кымбаттуу балдар! Бүгүн силер менен «Сын атооч жөнүндөгү түшүнүк» деген жаңы жомокту өтөбүз, жакшылап угуп, кунт коюп, тыңшагыла.

Эң кооз, эң укмуш жана абдан маанилүү асыл мурастарды ата-бабаларыбыз укум-тукумга белек кылып калтырды. Ал - сууга жуулбас, отко күйбөс, алааматтарда кыйрабас улуу сөз. Мына ушуларды биз жакшы билишибиз керек. Бул үчүн биз ата-бабаларыбызга көп-көп милдеттүүбүз, буга макулсуңарбы?

Кана эмесе, кымбаттуу балдар, жаңы жомокту баштайбыз.

Илгери, илгери, өткөн заманда жан-жаныбар аманда өзү сулуу, акылдуу, адилеттүү, жакшы адам болгон экен. Анын аты Сын атооч болуптур. Муну чечмелесек, балдар, аты Сын, атасынын аты Атооч экен.

Күндөрдүн биринде өзүнүн эң жакшы көргөн кадырлаш, санаалаш достору Сапатык сын, Катыштык сын жана балдары Жай, Салыштырма, Күчөтмө, Басаңдатма сындарды ээрчитип, Морфология деген өлкөгө саякатка чыгышкан дешет. Жай айы экен. Күн жылуу болуп, жумшак, коңур, салкын жел согуп туруптур. Айлана жымжырт болуп, кызыл-тазыл, агыш, көгүш, ар түрдүү гүлдөр менен курчалган экен.

Бийик тоого чыгышып, айланага көз чаптырышат. Тоонун этегиндеги аппак жана капкара мрамор менен салынган өтө бийик, абдан кооз Ак үйдү көрүшөт.

Алар аң-таң калышат. – Мындай үйдү ким салган? – дешип, бири-бирине суроо беришет. Анда акылдуу, токтоо Сын атооч ата ойлонуп туруп, бул жерде Зат атооч деген хан жашарын айтат.

Кеч кирип кеткендиктен, Ак үйгө барып конууну чечишет. Хан periштелери аркылуу алардын келерин билип, жолунан тосуп чыгат. Келген конокторду көрүп, абдан сүйүнүп кетет, себеби чоң Ак үйдө ханыша экөө гана жашашчу эле.

Конокторду кооз, узун, кенен, жасалгалуу үйгө киргизет. Сүйлөшүп отурушуп, Зат атооч хан мындай деп, сөзүн баштайт:

-Ханыша, биз көптөн бери жалгыз жашап, жалгыз бойлуктун азабын көп тарттык. Эгер Сын атооч макул болсо, биз аны бала кылып, асырап алалы, чогуу, биргелешип жашайлы, - дейт.

Сын атооч буга макул болот да, бирге жашап калышат. Ошондон улам, заттын өңү-түсүн (кызыл,сары, капкара, көк, жашыл), көлөмүн (чоң, кичине), формасын (тоголок, тегерек, сүйрү, ийри), даамын (ачуу, таттуу, кычкыл), сапатын (жакшы, жаман, сулуу, кооз) билдирип, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөр Сын атооч деп аталып калган экен.

Кийинчирээк Сын атооч ата дагы эки балалуу болуптур. Биринин атын Жөнөкөй, экинчисинин атын Татаал деп коюптур. Жөнөкөйүнүн аты бир сөздөн (ак, сары, сонун, кооз, жашыл, күрөң ж.б.), татаалынын аты эки же андан көп сөздөн (ак саргыл, кара кочкул, кызыл ала, кара чаар, көк ала ж.б.) куралыптыр.

Дагы бир кызыгы, балдар, кийинчирээк Синтаксис деген байдын жигити болгон аныктоочтун кызматын ушул күнгө чейин өз эрки менен аткарып калган дешет.

Мугалим сын атоочту түшүндүрүп бүткөндөн кийин бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолорду коёт: Сын атооч ким экенин чечмелеп бергиле? Сын атооч кимдерди ээрчиткенин, Ак үйдү көргөндө эмне дегенин айтып бергиле? Сын атооч деген ким экенин түшүндүргүлө, алар Зат атоочтун эмнесин билдиререрин, ага берилүүчү суроолорун далилдегиле? Сын атоочтун Синтаксис деген байдын жигити аныктоочтун кызматын эмне үчүн аткарып калганын мисал келтирүү менен далилдегиле? Жомоктогу мисалдардын үлгүсүндө Сын атоочко кандай сөздөр кирерин санагыла? Эмне үчүн Зат атооч менен Сын атооч Морфология деген өлкөдө бирге жашап калышты? Жомоктон силер Сын атооч жөнүндө кандай жаңылыкты билдиңер? ж.б.

Мугалим мындай бышыктоодон кийин жогорку жомокту төмөндөгүдөй мазмунда кайра улантат.

Мугалимдин сөзү: Кана, балдар, силер Сын атооч атанын Сапаттык сын, Катыштык сын деген жоро-жолдошторун, Жай, Салыштырма, Күчөтмө, Басаңдатма деген балдарын жакшылап билгиңер келсе, ал мындай экен:

Сапаттык сын деген себеби кандай? деген суроого жооп берип, Зат атооч хандын сапатын билгизип калган экен. Мисалы: кызыл гүл, бийик тоо, сулуу кыз, шайыр жаштар, жакшы бала, ак пахта, кооз килем, кең көчө, бийик үйлөр ж.б.

Катыштык сын атооч болсо, ар түрдүү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган экен. Мисалы: ойчул адам, кумдак жер, маданияттуу бала, келбеттүү кыз, тоодой толкун, алатоолук малчылар, ысыккөлдүк жаштар, көгүлтүр деңиз ж.б.

Мугалимдин мына ушундай жомогунан (жомок-сабагынан) кийин өтүлгөн сабакты бышыктоо башталат. Бышыктоодо төмөндөгүдөй суроолордун берилиши мүмкүн:

Кандай? деген суроого жооп берген сөздөргө оозеки мисал келтиргиле? Аларга мүчө улап, зат атоочтор менен жанаша колдонгула? Аныктооч менен аныктагычка мисал ойлоп тапкыла, аныктоочтун милдетин сын атооч аткарып тургандай болсун. Төмөнкү үлгүгө салып, сөз айкашын түзгүлө: Сын атооч + зат атооч. Андагы сөздөргө суроо берүү аркылуу далилдегиле. Сын атоочко төмөндөгүдөй мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла: =чыл, =лак, -луу, -дай, =лык. Алардын эмне үчүн катыштык сын экенин далилдегиле.

Синтаксис бөлүгүн өткөндө да мугалим жомокту пайдаланып, сабак өтө алат.

Мугалим IV класстагы айтылыш максатына карай сүйлөмдүн жай, суроолуу, илептүү жана буйрук болуп бөлүнүшүн жомок түрүндө төмөндөгүдөй өтсө да болот.

***Экинчи сабак-жомок.***

***Тыныш белгилеринин талашы жөнүндөгү жаңы жомок.***

Мугалимдин сөзү: Кымбаттуу, балдар! Силер бул жаңы жомокту али уга элексиңер жана билбейсиңер. Көңүл коюп угуп, башка балдарга да айтып бергиле. Тээ байыркы өткөн заманда, жан-жаныбар аманда, Пунктуация деген өрөөндө Чекит, Суроо, Илеп деген тыныш белгилери абдан ынтымактуу жашашыптыр, балдар!

Күндөрдүн биринде төртөө ойноп отурушуп, мен күчтүүмүн, сен күчсүзсүң, мен жакшымын, сен жамансың дешип, өз ара катуу талашып кетишкен экен.

**Чекит** тигилерге карата: - Силерге караганда мен күчтүүмүн, себеби ар бир сүйлөмдү мен бүтүрөм, мен бүтүрбөгөн сүйлөм болбойт. Ал эми жайылма сүйлөм болсо, элге жаңылыкты кабарлайт.

Анда **суроо белгиси** сөз алып: - Баарыңардан мен күчтүүмүн, менсиз адам баласы жашай албайт. Мен сүйлөмдүн аягына келгенде, дайыма суроо белгимди коём. Адамдар суроосуз бири-бири менен сүйлөшө алышпайт да, -дейт.

**Илеп белгиси**:-Жок, экөөңөрдүн мактанганыңар такыр туура эмес, баары бир мага жетпейсиңер, - деп сөз баштайт, илеп белгиси. Мен адамдарга жакшы сезим алып келем, менсиз аларда сүйүнүч, кубаныч, өкүнүч жок, -дейт.

Булардын талашын угуп турган **Синтаксис** чоң ата:

- Айланайын балдарым, мындай чекиликти койгула. Ар дайым ынтымактуу жашагыла! Эл үчүн кызмат кылгыңар келеби? – деп сурайт. Бардыгы: - Ооба чоң ата, дешип жооп беришет. Анда, балдарым, менин жогорку айтканымды уктуңарбы? Баарыңар бирдей эле керексиңер, баарыңардын аткарган милдетиңер, кылган кызматыңар арбын. Бири-бириңерсиз жашай албайсыңар. Чоң атаңар да силерсиз күн көрө албайт, балдарым, - деген экен.

Мугалим жогоркудай жомокту өтүп бүткөндөн кийин бышыктоого өтөт. Оозеки бышыктоодо жомоктун мазмунуна ылайык төмөндөгүдөй суроолордун берилиши мүмкүн.

- Силер бул жомоктон эмнени түшүндүңөр? Жомоктун мазмунун кыскача айтып бергиле? Чекит, Суроо жана Илеп белгиси качан коюлары жөнүндө өз түшүнүгүңөрдү далилдегиле. Чекит, суроо, илеп белгилерине оозеки мисал келтирип, сүйлөм түзгүлө ж.б.

***Үчүнчү сабак-жомок.***

***Ат атооч деген ким эле?***

Мугалимдин сөзү: Тээ, байыркы өткөн заманда өзү абдан акылдуу, чынчыл, калыстыгы как жарган Ат атооч деген адам жашаган экен. Аялы күн нуруна күндө жуунуп, таза жүргөн сулуу аял болуптур. Ал сууга чайынып, тарангандан кийин тим эле айдай суйкайып калчу дешет. Бирок булар көп жылы бала көрбөй жүрүшүп, кудайдан көп тилешкен экен.

Күндөрдүн биринде булардын тилеген тилеги кабыл болуп, үч уулдуу, үч кыздуу болушуптур. Үч уулуна атты атасы Ат атооч, үч кызына атты энеси коюптур, балдар!

Балалуу болгон Ат атооч ата көпкө ойлонуп отуруп, заттын атын же алардын белгилерин атабай, аларды жалпылап көрсөтүүчү сөздөрдү тандап коюптур.

Эң улуу уулунун аты Жактама экен. Ага мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер, алар деген сөздөрдү, экинчи уулуна Шилтеме деген ат коюп, ага дагы бул, тигил, ошол, тетигил деген сөздөрдү, үчүнчү уулуна Сурама деген ат коюп, ким?, эмне?, кайсы?, кандай?, кайда?, качан? деген сөздөрдү ар бирине атайылап энчилеп бериптир.

Күндөрдүн биринде аялы кыз төрөптүр. Акылдуу эне Ат атоочко кеңешип, сен, уулдарыңарга атты өзүң койдуң, ар бирине тиешелүү сөздөрдү да энчилеп бердиң. Эгер капа болбой, калыстык кылсаң, кыздарыма атты өзүм коёюн, сенин жолуңду жолдоп, мен да кыздарыма өз аттарына ылайык келген сөздөрдү энчилеп берейин, - дептир. Акылдуу ата бул айтылган жүйөөлүү сөзгө абдан ыраазылыгын билдирип макул болуптур. Биринчи кызына Тангыч деген ат коюп, ага эч ким, эч качан, эч кандай, эч кайда, эч бир, эч нерсе деген сөздөрдү, экинчи кызына Аныктама деген ат коюп, баары, бүткүл, бардыгы, өзүм, ар бир, ар кандай, ар кайсы, ар ким деген сөздөрдү, үчүнчү Белгисиз деген кызына кимдир бирөө, кандайдыр бир, алда кандай, алда эмне, качанкы бир деген сөзөрдү энчилеп бериптир. Энеси эң кичинекей кызын эркелетип, Күдүк деп да чакырчу экен.

Күндөрдүн биринде Ат атооч ата уул-кыздарын чакырып алып:

- Силердин кызматыңар, иштеген ишиңер да болуп жатат. Кошумча дагы баш (ээ, баяндооч) жана айкындооч мүчөлөрдүн (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) милдетин аткарасыңар. Бул силердин эл үчүн кылган зор кызматыңар болот, – дейт. Буга Ат атооч атанын балдары макул болушат. Ошентип, Ат атоочтор ошондон баштап, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарып, жыргап жатып калышкан экен.

## 3. Сөз өстүрүү технологиялары

Сөз өстүрүүнүн ар түрдүү ыкмалары бар. Алар айрыкча башталгыч класстарда эң зарыл маселелерден болуп эсептелет. Көпчүлүк мезгилдерде балдарга сөз жана сөздүн маанисин ачып берүү, аларды кандай жерде кантип колдонуу зарылдыгын карап көрүү зарыл. Текст менен иштөөдө анын технологиясын билүү зарыл. Андыктан текстти туура тандоо, ага карата баа берүү, талдоо сыяктуу маселелер каралат. Тексттин үстүндө иштөөдө андагы айрым сөздөрдүн маанисине карата сөздүктүн үстүндө иштөө да өтө маанилүү. Анда биз белгилеп алган айрым сөздөрдүн үстүндө иштөө менен окуучулардагы сөз байлыгын кеңейтүүгө боло тургандыгын байкоо кыйын эмес. Талдоого алган сөздү ал кебинде кайда, качан, кантип колдоно ала тургандай болуш керек. Ошондой эле жазуу ишмердүүлүгүндө текст түзүүдө да сөздүн байлыгын өстүрүү зарылдыгы байкалат.

## Лекция №9
## Тема: Окуу жана анын түрлөрү

ПЛАН:

1. Тыным менен окуу
2. Купуя окуу

***Өз алдынча иш*: *Баяндоо үчүн тексттер менен иштөө***

### 1. Тыным менен окуу

**Тыным жасап окуу** үчүн баяндоо мүнөзүндөгү көркөм чыгармалар тандалып алынат. 1-класстын окуучулары үчүн тексттин көлөмү 4–5 сүйлөмдөн турушу мүмкүн. Окуучулар менен ар бир сүйлөмдөгү маалымат талкууланат. Бул ыкманы колдонуу үчүн мугалим даярдоо иштерин өткөрөт. Тактап айтканда, текст тандалат; аны үзүндүлөргө бөлөт; талкуулоо үчүн

суроолорду түзөт (текстти окуганга чейинки суроолор, окуу учурундагы суроолор, окуп бүткөндөн кийинки суроолор); үйдөн аткаруу үчүн тапшырмалар. Суроолорду даярдоо Мугалим суроолорду алдын ала даярдайт. Суроолор 3 топко бөлүнөт: Суроолордун 1-тобу – окуп түшүнүүсүн текшерет: Бул үзүндүдө ким же эмне тууралуу баяндалат? Окуя кайда, качан болду эле? Каармандардын аттарын атагыла ж. б. Суроолордун 2-тобу – окуганынын мазмунуна айрым талдоолорду жүргүзүү үчүн берилет: Силер кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн … болду? Тексттин бул бөлүгүндө кандай ой камтылган? Суроолордун 3-тобу – божомолдоо үчүн: Окуя мындан ары кандай уланат деп ойлойсуңар? Каарманга эмне болот? … учурда … эмне кылышат? Ар бир үзүндүдөн кийин үч топко тең тиешелүү суроолор берилет. Алгач окуучулар тексттин аталышы боюнча чыгармада эмне тууралуу айтыларын аныкташат. Сабактын негизги бөлүгүндө ар бир үзүндүнү окугандан кийин окуучулар окуганынын андан ары өнүгүшү тууралуу жоромолдорун айтышат. Текстти толук окуп бүткөндөн кийин жалпылоо иши жүргүзүлөт. Окуучуларга үй тапшырмасы (көпчүлүк учурда чыгармачыл тапшырма) берилет. Келгиле, окуйбуз! ***Окуганын түшүнүү***. Аткаруу тартиби 1-кадам. Мугалим окуучуларга өтүлө турган тексттин аталышын айтып, доскага жазат жана суроо берет: – «Бир тууган» деген сөздү укканда эмнени элестетесиңер? Балдардын жоопторун угат. Ар түрдүү жоопторду угат, айрымдары боюнча тактап ала турган суроолорду берет. Мисалы, төмөнкү суроолор: – Мындай аталыштагы чыгарма ким же эмне тууралуу болушу мүмкүн? Силер кандай деп ойлойсуңар? Кайрадан окуучулардын жоопторун угат. 2-кадам. Мугалим окуунун эрежеси тууралуу окуучулар менен аңгемелешүү өткөрөт: – Текстти окуп жатканда эрежелерди сакташыңар керек. Ал эрежелер баарыңар үчүн милдеттүү. Текстти барак менен жабасыңар жана улам кийинки үзүндүнү менин уруксатым боюнча ачасыңар улам кийинки **«Токто»** сөзүнө чейин). Мугалим жалпы окуучулардын макулдугун алып, текстти окууга өтөт. 3-кадам. Мугалим текстти **«Токто»** деген 1-белгиге чейин ачууну сунуштайт (тексттин калган бөлүгү баракча менен жабылып турушу керек). 4-кадам. Мугалим бул бөлүктү көркөм, үлгү катары окуйт. Окуу учурунда мугалим сөзсүз отурушу керек, турбайт, балдарга үстөмдүк кылбайт. Үзүндүнү окуган соң мугалим окуучуларга суроо берип, алардын жоопторун угат. Мына ушундай тартипте тексттин бардык бөлүгү окулат. 2-үзүндүнү окугандан кийин мугалим суроо берет: – Силердин алдын ала баамдаганыңар туура келдиби? Эмне туура келди, эмне туура келбей калды? Андан ары 3 топтогу суроолорго өтөт. 5-кадам. Окуганы боюнча жалпылоо. Толук окуп бүткөн соң мугалим текст боюнча жалпылоо жүргүзөт. Окуучулардын өз ойлорун айтуусун өтүнөт: – Эмне үчүн мындай болду? Башкача болушу мүмкүн беле? Ушундай кырдаал силердин турмушуңарда болушу мүмкүнбү? Эмне үчүн? 6-кадам. Үйгө тапшырма. Мугалим чыгармачыл үй тапшырманы сунушташы мүмкүн: **«Сүрөттөрдүн тасмасын»** түзүү (**«Сүрөттөрдүн тасмасы»** – бул окуянын уланмалуулугун көрсөтүүчү бир нече сүрөттөр). «Сүрөттөрдүн тасмасын» пайдалануу менен аңгеме түзүү. Окуянын башкача өнүгүшүн ойлоп, жазып келүү. Келгиле, окуйбуз! Окуганын түшүнүү Үлгү Эки бир тууган. (Кыргыз эл жомогу) Мугалим доскага «Бир тууган» деген сөздү жазып, балдарга суроо берет: «Бир тууган» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?» Окуучулардын жоопторун угат. Мугалим айрым окуучулардан: «Сенин канча бир тууганың бар? Атап берчи» деп сурашы мүмкүн. Андан соң, мугалим бүгүнкү өтүлүүчү чыгарма «Эки бир тууган» деп аталат дейт да, суроо узатат: «Балдар, силер кандай деп ойлойсуңар, бул чыгармада эмне тууралуу сөз болушу мүмкүн?». Окуучулардын жоопторун угат: Мугалим окуунун эрежесин балдарга түшүндүрөт да, окуучулардын ортосуна отуруп, чыгарманын биринчи үзүндүсүн окуйт. Биринчи үзүндүнү окуп бүткөн соң, окуучуларга алдын ала даярдалып коюлган суроолорду берип, алардын жоопторун угат.

Биринчи үзүндү боюнча суроолор: Окуя каякта болуп өттү? Бир тууган ага-ини кандай жумуш кылышты? Энеси балдарынын башынан эмнени көрүп турчу экен? Силер кандай деп ойлойсуңар? Чыгарма андан ары кандай уланышы мүмкүн? Мугалим 2-үзүндүнү окуйт. Ушундай тартипте уланта берет. Экинчи үзүндүгө карата суроолор: Силердин алдын ала айткан жоопторуңар тастыкталдыбы? Инисинин эгини кандайча көбөйүп калды? Агасы муну эмнеге жоруду? Иниси эмне кылат деп ойлойсуңар? Үчүнчү үзүндүгө карата суроолор: Иниси эмне кылды? Анын кылганы туурабы? Агасынын эгининин көбөйүшүнүн себеби эмнеде эле? Төртүнчү үзүндүгө карата суроолор: Кичүү баласынын башында ит үрүп турганынын себебин кандай түшүндүңөр? Иниси эмне үчүн мындай ичи тарлыкка барды деп ойлойсуңар? Бешинчи үзүндү боюнча суроолор: Кичүү баласынын башында ит үрүп турганын көргөндө эне кандай ойдо болду? Иниси өзүнүн катачылыгын түшүндүбү? Балдары энесине чындыкты айтыштыбы. Жалпылоо үчүн суроолор: Мындай окуялар биздин турмушубузда да болушу мүмкүнбү? Силер бул жомоктон кандай сабак алдыңар? Ичи тардыктан, көрө албастыктан арылууга болобу? Кантип? Үйдөн аткаруу үчүн тапшырма (окуучу бирөөсүн тандап алат): «Сүрөттөрдүн тасмасын» түзүү («Сүрөттөрдүн тасмасы» – бул окуянын уланмалуулугун көрсөтүүчү бир нече сүрөттөр). «Сүрөттөрдүн тасмасын» пайдалануу менен аңгеме түзүү. Окуянын башкача өнүгүшүн ойлоп, жазып келүү. Келгиле, окуйбуз! Окуганын түшүнүү Эки бир тууган. (Кыргыз эл жомогу) Илгери бир аял эки уулуна эки жерди бөлүп берет. Балдары бөлүп алган жерине эгин эгип, бак тигишип, жайлай иштешет. Уулдары түн ичинде уктап жатканда энеси экөөнүн тең башында дайыма эки чолпон жылдыз жанып турганын көрчү экен. Биринчи тыным Жай өтүп, берекелүү күз келет. Уулдары эгинин оруп-жыйып, опмайдалап бастырып, сапырып, тазалап, кызыл данын эки жерге үйүп коюп, үйлөрүнө келет. Энеси мал союп, чечкор өткөрөт. Түнкүсүн балдары кезектешип кырманды кайтармак болушат. Алды менен кичүүсү келип, ары басып, бери басып жүрүп, агасынын эгинин ташып, өзүнүкүнө кошуп коёт. Түн ортосу оогон кезде улуусу кырманга күзөткө келет. Караса, инисинин кызылы көбөйүп калган. Экинчи тыным – Инимди баба дыйкан колдогон экен. Ошондуктан анын эгини көбөйгөн тура. Кичүүсүнтүп тигини тигинт, муну минт деп көп жумшачу элем. Ошол эмгегин Баба дыйкан билген экен. Эмгеги акталыптыр, – деп кубанып, таң атарда үйгө келип, инисинин жанына жатып уктап калат. Үчүнчү тыным Кырманды караганы энеси келсе, улуу уулунун эгини кыбыр этип кыбырап, бир даны эки дан болуп, улам көбөйүп отуруп, кичүү баласынын эгинине жетип, ага да дан чачырайт. Дан чачыраган сайын кичүү уулунун даны азая баштайт. Ошондо эгиндин көбөйүшү токтолуп, тынып калат. Төртүнчү тыным Шашып-бушуп аял үйүнө келсе, уулдары дале уктап жатат. Улуу баласынын башында мурдагыдай эле чолпон жанып, кичүүсүнүн башында бир кара ит үрүп турганын көрүп, чочуп кетет. Бешинчи тыным Балдарын ойготуп: Балам, түндө эмне иттик кылдың эле, жашырбай айт? – деп кичүү баласынан сурайт. Кичүү уулу түндө агасынын эгининен алып, өзүнө кошуп койгонун жашырбай айтып берет. Балам, түндө сен эмне иш кылдың эле, жашырбай айт? – деп улуу баласынан сурайт. Улуусу көргөн-билгенин, ойлогонун айтып берет. Андан кийин энеси өзү барып кырмандан көргөндөрүн, уктап жаткан уулдарынын башында тургандарды, кичүү уулунун башындагы үрүп турган итти көргөнүн балдарына айтып берет. Мына ошондон кийин кичүү баласы ичи тардыгын коюп, агасына жардам берип туруп калышыптыр.

## 2. Купуя окуу

**Купуя окуу** - тыным менен окууга караганда андан да тез жүргүзүлүүчү окуунун технологиясы болуп эсептелет. Мында текст жарыя, үн чыгарып окулбайт башкача айтканда текстти ичинен купуя окууга крстм берилет. Мында тексттеги сөздөрдү алдын ала маанисин

чечмелеп билүүгө шарт түзүлөт. Башталгыч класстарда кыскача берилген тексттерди бир мезгилде көз жүгүртүп окуп чыгууга карата белги берилгенде алар белгиленген убакта окуп чыгышат. Алардын тексттериндеги мазмун ошол бойдон сакталат. Купуя окуу – бул текстти же таанышуу керек болгон маалыматты үн чыгарбай көз жүгүртүп гана тынчтык сактап, жымжырттыкта окуп чыгуу. Ошол эле мезгилде ал текст менен тааныш болуп, ага аң сезимдүү жооп берүүгө аракет кылуу керек. мындай окуунун артыкчылык жагы:

- бири-бирине тоскоол болбойт;
- өз алдынча ой жүгүртүүгө шарт түзүлөт;
- укытка карата жакшы мамиле болот;
- сөз өстүрүүгө карата жакшы аракет болуп эсептелет.

Бирок бардык эле учурда мындай окуу ишке аша бербейт. Анын жетишпеген жактары. Купуя окууга тынчтык керек. Эгерде тынчтык болбосо мындай окуу ишке ашпайт. Анткени ойду жыйноо жана бир жыйынтыкка келүүгө кыйынчылык жаралат.

**Лекция №10**
**Тема:** ***Көркөм окууну уюштуруу.***

ПЛАН:

1. Көркөм окууну уюштуруу.
2. Угуу процесси.
3. Угуу жана окуу процессинин өзгөчөлүгүн салыштыруу

***Өз алдынча иш*: *Сүрөттөөгө карата материалдар менен иштөө (Талкууга даярдануу)***

**1. Көркөм окууну уюштуруу.**

Тандалып алынган текстти студенттерге таркатып берүү менен мугалим ал тексттин үстүндө иштөөгө б.а. текст менен жекече, жупта, топто иштөө менен таанышып чыгууга көрсөтмө берилет. Мугалим өзү көркөм окуп берет. Анда байкалгандай тексттин мазмуну жана окуп жатканда көңүл бура турган негизги баскычтар-булар интонация, тыным, басым жана үндүн тембри, ритмдер. Эгерде окуучу үндүн ыргагы же тембрден кыйналып жатса, анда анын үнүнө шайкеш башка үндүн таасирин байкоо зарыл. Эгерде окуучу текст менен жакындан тааныш болсо, же тексттин мазмунун толук өздөштүргөн болсо, анда анын окуу манерасы тез-тез өзгөрүп турат.

**2. Угуу процесси.**

Тексти угуп, окуп, анан анын мазмуну боюнча талдоо жүргүзүлүп, сүйлөнөт жана анын неизинде ар кандай жазуу иштери аткарылышы мүмкун. Мына ошондуктан кандай болсо да ар кандай формадагы же мазмундагы тексттерди азыр талдоого алабыз анын биринчиси окулуп уктурулат. Экинчиси ошол текстин мазмуну боюнча сүйлөөгө жол берилет андан соң окуу жана жазуу ишмердүүлүктөрү аткарылат. Мында текстти шар, жарыя окууну ишке ашыруу максатка туура келет.

**3. Угуу жана окуу процессинин өзгөчөлүгүн салыштыруу.**

Окуучу же лектор текстти окуп жатканда анын мазмунун жетекчиликке алышы шарт. Болбосо максатсыз окуу, же мазмунун терең өздөштүрбөй окуу ишке ашпайт. Болсо да мазмунун ачууда абдан тоскоолдуктар көп болот. Угуп жатканда текстти үн менен кошо айкалыштырып угабыз. Ал эми окууда да тексттин мазмуну негиз болот бирок, окуу процессинде окуучунун ишмердүүлүгү башкы орунга чыгат. Анткени эгерде окуучу иш-аракет жумшаса же өз алдынча аракет кылса гана ал ишке ашат. Текстти угууда андай процесс байкалбайт. Окуу процессине караганда угуу активдүү келет.

**Лекция №11**
**Тема:** ***Көркөм окуу.***

ПЛАН:

1. Көркөм окуу.
2. Тексттин үстүндө иштөө.
3. Тыныш белгилери.
4. Окуу ылдамдыгы.

***Өз алдынча иш*: *Сөздүк жумушун сабакта пайдалануунун жолдору (Талкууга даярдануу)***

**1. Көркөм окуу**

Бул процесс 19-кылымда эле башталган деп айтып келишет. Анда көркөм сөз чеберчилигин жана бул нерсеге балдарды үйрөтүүнүн тартиби болуп саналат. Көркөм окуу – бул сөз аркылуу жогорку эмгек толгон сезимталдык жана ой жүгүртүү автордун чыгармасына аткаруучунун жеке баасын берүү.

Көркөм окуу – бул эске тутуп көркөм айтып берүү же адабий сүйлөөнү кармоо менен китепти окуу. Ошол убакта чыгарманын образдык жана идеялык мааниси толук берилет. Көркөм окуу сөз өстүрүү жана тилди үйрөнүү максатында гана пайдаланылат.

**Окуп чыгуу чен өлчөмү.** Окуу 4 чен өлчөм аркылуу мүнөздөлөт.

- Шар окуу – бул окуп чыгуунун ылдамдыгы. Окуган тексттин түшүнүүсүн аныктайт. Адатта шар окуу бир минутада окулуп жаткан сөздөрдүн жана белгилердин саны менен өлчөнөт.
- Туура окуу – адабий дилбаяндын маанисин бузбай, шашпай кайра кайталоо;
- Эстүүлүк – автордук идеяны түшүнүү, көркөм ыкмалардын жардамы менен ишке ашкан идеяга ой жүгүртьүү, чыгармага болгон өздүк мамилени түшүнүү;
- Көркөм окуп чыгуу адабий чыгарманы анализдөө убагындапайда болот.

Текстти көркөм окуп чыгуу – оозеки сүйлөө аркылуу дилбаяндагы ойду жана сезимди чынчыл, так алып берүү жөндөмүн издеп табуу. Алып берүүнүн бул түрү-***интонация.***

**Интонация** – бул оозеки сүйлөөнү түзүүчүлөрдүн өз ара аракеттенишүүсү (ылдамдык, угулуу, басым, ритм, тыныгуу). Түзүүчүлөр бири-бирин коштоп турат. Алардын өз аракеттенишүүсү тексттин мазмуну жана эмоциялары аркылуу, автордун окуй турган адам алдына койгон максаты аркылуу пайда болот.

***Көркөм окууга үйрөтүү принциптери***

“Көркөм окуу” принциби – көркөм мааниге жана жазуу ишинен дилбаяндын максатына жетүү. Угуучуларга текст канчалык деңгээлде түшүнүктүү болуп жатканын билүү өтө маанилүү. Окууну тассирдүү кылууга окуп жаткан учурдагы тапшырманы, максатты түшүнүүгө жардам берет. Чыгарманы талдап үйрөнүү деңгээли көпчүлүк учурда окуп жаткан адамдын сүйлөөсүнүн кооздугунан, тазадыгынан, ачыктыгынан көз каранды. Мазмуну текстти аныктоодо кайсы ыкманы колдонуу керектигин так аныктоого шарт түзөт.

Көркөм окууда төмөнкү ачыктык түрлөрү колдонулат:

- Интонация
- Логикалык басым
- Тыныгуу
- Темп
- Үндүн бийиктиги жана күчү

***Интонация***

Окуу убагында интонациянын жана анын элементтеринин орду абдан чоң, андыктан сүйлөө көркөмдүүлүгүнүн калыптануусунда интонациялык ачыктыкка өзгөчө көңүл буруу керек.

***Интонация компоненттери:***

- Басымда байкалуучу жана оозеки сүйлөөдөгү динамиканы аныктоочу күч;
- Сүйлөө обонун алдын ала аныктап, үндүн ар кандай бийиктиктеги добуштарды коштоп айтылуусуна болгон багыт;

- ❖ Эмоционалдык түстү берген тембр;
- ❖ Сүлөөнүн узак убакытка угулуусундагы же тыныгуудагы ылдамдык.

**2. Тексттин үстүндө иштөө**

Адабий эмгектин мугалимдин, окуучунун актёрдук аткаруусундагы көркөм окуу бири-биринен айырмаланат, анткени көркөм окуу шарттары ар кандай. Актёрдун абдан жакшы үнү жана ж.б. каражаттары бар. Мындан ташкары окууга жакшылап даярдануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мектеп окуучусуна тексттин үстүндө иштөөдө башкача талаптар коюлат. Мыкты окуган адамдардын эл алдында окуп жаткан видеолорун көрүп, текстти туура интонациялык түрдө окууну үйрөнүүгө болот.

***<u>Көркөм окуу принциптери.</u>***

Көркөм окуу эрежеси мектеп окуучуларына адабий окууну тез жана жеткилдиктүү окуп үйрөнүүсүнө жардам берүүчү сунуштардын бирикмеси б.с. Текстке маданияттуу мамиле жасоо ыкмаларын үйрөнүү шарт. Анда текстти туура тандоо жана аны туура окууга даярдануу зарыл. Б.а. көркөм окууда текст менен иштөө аркылуу окуучуларга жагымдуу маанай тартуулоого аракет кылуу зарыл.

Тексттин үстүндө иштөөдө көркөм окууга коюлган талаптар:

- чыгарманын мазмунун, маанисин түшүнбөстөн көркөм окууга мүмкүн эмес;
- текстти окуп жаткан учурда ылдамдыкты жана ритмди туура кармоо зарыл. Шашуунун кажети жок.
- дикция – сүйлөмдөгү үн түшүнүктүү, катуу, так болуусу шарт;
- тыныш белгилеринде сөзсүз тыныгуу керек;
- логикалык басымдын жардамы менен тексттеги маанилүү сөздөрдү бөлүп көрсөтүү;
- текстти же ырдын үстүндө иштөөдө эмоционалдык түс болушу керек;
- окулуп жаткан ырдын же прозхалык жанрдагы тексттин мазмунун сөзсүз түшүнүү зарыл.

**3. Тыныш белгилери**

Кандай гана текст болбосун (жанрдык жактан бөлүнөт: проза,лирика, публицистика, илимий маанидеги тексттер). Тыныш белгилери ар кандай тексттер бөлүнөт. Алардын үстүндө иштөөдө албетте тыныш белгилер коолдлонулат. Тыныш белгилери: чекит, үтүр, кош чекит, үтүрлүү чекит, көп чекит ж.б.у.с.

**4. Окуу ылдамдыгы**

Башталгыч класстарда окуу ылдамдыгы ар кандай. ОЫ текст менен иштөөдөгү бирден бир ыкма жана техника болуп саналат.

Анда негизинен окуу техникасына негиделип жүргүзүүлүүчү жумуштар да окуу ылдамдыгынан көз каранды.

Окууга үйрөнүү бир канча этаптардан турат, адегенде шар жана түшүнүп окуу көндүмү, б.а.

сөздү толук жана окуу ылдамдыгын улам жогорулатып окуу (окуу техникасы).

Окутуунун баштапкы этабы тамгаларды таануудан башталат. Окутуунун бул этабында окуучулардын негизги күч-аракети тексттеги басма түрүндөгү тамгаларды таанып, оозеки түрүндө окуп кетүү процессине бөлүнөт. Муундап окуунун экинчи этабында негизгиси муун болуп эсептелет. Үчүнчү этапта окуучу сөздү муундап окуп, аларды бириктирип сөзгө айландырып, анан андан кийин гана окуганын түшүнө баштайт. Жөнөкөй жана тааныш сөздөр чогуу окулуп, тааныш эмес же түзүлүш структурасы боюнча татаал сөздөр дагы деле муундап окулат. Тааныш сөздөрдү окууда окуучулар аны (тамганын артынан тамга кылып) окуй алышат, же болбосо көрүп таануу эс тутумунун жардамы менен окулушун эстеп окуп кетишет. Мындай учурда тестирлөөнүн максатында маанисиз (ойлонуп табылган) сөздөрдү пайдалануу ылайыктуу.

Аягында, төртүнчү этапта окуучу окуунун көп ыкмаларын билип калат: сөздөр менен, сөздөрдү тобу менен. Окуучу үчүн көрүп кабыл алуу менен байланышкан окуунун техника жагы эмес, окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүп, ойлонуу негизгиси болуп калат. Окуучу бардык сөздөрдүн маанисин жакшы билип, аларды сүйлөм ичинде байланыштыра алса гана ал

Текстти толук түшүндү деп эсептей аласыз. Мына ошентип, кептин лексика, грамматикалык тарабын эң жогорку деңгээлде өздөштүргөндө окулган текстти жакшы түшүнө алат.
Окуунун техникасын баалоо үчүн сизге мурда белгилүү дагы эки куралды колдонууну сунуштайбыз. Алардын бири окуучунун биринчи класста тамгаларды таануусуна жана тыбыштарды айтуусуна арналган. Экинчиси – шар, туура жана көркөм окууну баалоо үчүн, буларды башталгыч мектептин биринчи жана кийинки класстарында колдонсо болот.

**Лекция №12**
**Тема:** ***Шар окуу.***

ПЛАН:

1. Шар окуу деген эмне?
2. Окуунун формалары.
3. Шар окуунун компоненттери.
4. Шар окуу көндүмдөрүн баалоо.

***Өз алдынча иш*: *Шар окууга карата тексттер менен иштөө (Талкууга даярдануу)***

**Шар окуу**

Шар окуу – окуп түшүнүүнүн башкы куралы, ал куралсыз окуучунун андан ары окуп кетүүсү кыйынга турат.
Шар окуу – бул окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык, тыныш белгилерине көңүл буруу менен туура (катасыз), көркөм, ылдам окуусу. Шар окуу чечмелеп окуу (тыбыштарды аныктоо, аларды тамга менен байланыштыруу, муундарды кошуу, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү түзүү) менен окуганын түшүнүүнүн ортосундагы көпүрө болуп саналат. Шар, экспрессивдүү жана тексттин маанисин чагылдырып окуу окуучунун окуганын түшүнгөндүгүнүн айкын белгиси болуп эсептелет.

***<u>Шар окуу деген эмне?</u>***

- Туура окуу – сөздөрдү толук жана так айтып, туура окуу.
- Окуу ылдамдыгы/темпи – текстти түшүнө турган ылдамдыкта окуу.
- Көркөм окуу – эмоционалдуу, жандуу, бирок шар окуу.
- Тыныш белгилерине көңүл буруп окуу – окуп жатканда тыныш белгилерин тыным жана интонация аркылуу белгилөө.

**Окуунун формалары.**

**Үлгүлүү окуу** – бул мугалимдин текстти үн чыгарып, көркөмдөп жана эмоционалдуу окуусу. Үлгүлүү окуу айрым сөздөрдү жана жалпы текстти түшүнүүгө, божомолдоого жана тексттин бөлүктөрүн өз ара байланыштырууга тиешелүү суроолор менен коштолуусу мүмкүн. Окуучулар активдүү угушат жана текстти кайра окушат, талкууларга катышышат, тексттеги окуяны элестетип божомолдошот.

**Биргелешип окуу -** мугалим менен окуучулардын чечмелеп окуу стратегияларын, сөздөрдүн маанилерин жана окуган текстти түшүнүү көндүмдөрүн колдонуу аркылуу тексттин үстүндө биргелешип иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Окуунун бул формасынын алкагында мугалим окуучуларды «жетелеп», текстти окууга тартат, ал эми окуучулар текст менен жакыныраак таанышкан сайын окуу процессине көбүрөөк катышышат. Окуунун бул формасы окуучунун өзүнө болгон ишенимин жана окууга кызыгуусун арттырат.

**Башкарып окуу -** текст кантип окула тургандыгын жана кандай окуу стратегиялары колдонуларын талкуулап, окуучулардын текстти аңдап-түшүнүп окууга кызыгуусун арттырат.

**Өз алдынча окуу -** тандалып алынган текстти өздөштүрүлгөн окуу стратегияларын колдонуу менен окуучулардын өз алдынча окуусун билдирет. Окуучуларды үн чыгарып окууга үйрөтүү маанилүү, андан кийин акырындык менен купуя же «ичинен» окууга өтүү тийиш. Окуунун бир формасынан экинчи формасына өтүү окуу техникасын өркүндөтөт, окуучулар шар окуу көндүмүнө ээ болушат жана ошого жараша окуганын түшүнүүсү артат.

**Шар окуунун компоненттери.**

**Туура окуу** – бул окуп жаткан тексттин маанисине таасирин тийгизе турган тамгаларды, сөздөрдү так эмес айтуу сыяктуу) бурмалоосуз бир калыпта окуу.

**Окуу ылдамдыгы**

Окуу ылдамдыгы бир мүнөттө туура окулган сөздөрдүн саны менен аныкталат. Окуу ылдамдыгын мезгил-мезгили менен өлчөө жана окуучуларга жөндөмдөрүн жогорулатуу үчүн кайтарым байланыш берүү окуу көндүмдөрүн, башкача айтканда окуу автоматизмин өркүндөтөт.

**Окуу ылдамдыгынын ченеми**

| **Классы** | **Үлгүлүү деңгээл** | | **Базалык деңгээл (минималдык стандарттык деңгээл)** | | **Төмөнкү деңгээл** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык |
| 1 | 20 сөздөн көп | 25 сөздөн көп | 15-20 сөз | 20-25 сөз | 15 сөздөн аз | 20 сөздөн аз |
| 2 | 30 сөздөн көп | 40 сөздөн көп | 30-35 сөз | 35-40 сөз | 30 сөздөн аз | 35 сөздөн аз |
| 3 | 50 сөздөн көп | 60 сөздөн көп | 45-50 сөз | 55-60 сөз | 45 сөздөн аз | 55 сөздөн аз |
| 4 | 70 сөздөн көп | 80 сөздөн көп | 65-70 сөз | 70-80 сөз | 65 сөздөн аз | 70 сөздөн аз |

**Көркөм окуу**

Шар окуунун маанилүү бөлүгү – ***көркөм окуу***. Көркөм окуу адабий чыгарманы туура, түшүнүп жана эмоционалдуу жана аңдап-түшүнүп окууну билдирет. Дал ушундай окуу адабий материалды өздөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатып, аны аңдап-түшүнүүгө жардам берет.

Көркөм окуу сөздөрдү туура айтуу жана кеп маданияты менен байланышкан окурмандын минималдык көндүмдөрүнүн калыптануусун талап кылат. Минималдык көндүмдөргө төмөнкү компоненттер кирет: үндүн тону, үндүн күчү, ритмди колдонуу, кептин темпи (тездетүү жана басаңдатуу), тыным жасоо, тондун мелодикасы (үндү катуу же акырын чыгаруу), логикалык басымдарды жасоо. Кептин жана окуунун көркөмдүүлүгү кептин техникалары: дикцияга, туура дем алууга жана туура айтууга таянат.

**Шар окуу көндүмдөрүн баалоо.**

**Эмнелер бааланат?**

1) Окуу ыкмасы
2) Туура окуусу
3) Көркөм окуусу

**Баалоо**

| **Бул куралдын жардамы менен кайсы көндүмдөр бааланат?** | **Аткаруу тартиби** | **Куралды колдонуу үчүн сабактын бөлүгү /окутуунун этабы** | **Окутуу программасын /процессин жакшыртуу үчүн баалоонун натыйжаларын колдонуу** |
|---|---|---|---|

**Лекция №13**

**Тема:** ***Шар окууга карата көнүгүүлөр***

ПЛАН:

1. Жаңырык.
2. Чекит, чекит, үтүр.
3. Үлгүлүү окуу.

4. Сөздөрдү ажырат.
***Өз алдынча иш***: Шар окууга карата көнүгүүлөр менен иштөө ***(Талкууга даярдануу)***

**Лекция №14**
**Тема:** ***Окуганын түшүнүү***
**ПЛАН:**
1. Түшүнүп окууга чейинки машыгуулар.
2. Окуганын түшүнүү.
3. Окуганын түшүнүү деңгээлдери
***Өз алдынча иш***: *Окуганын түшүнүү маселелери* ***(Талкууга даярдануу)***

**1. Түшүнүп окууга чейинки машыгуулар**

Түшүнүп окууга чейинки машыгууларда окуудан мурда текст менен иштөө болот. Анткени окуучу окуганды билет, бирок, окуганын түшүнүп, ангы кайра айтып берүүгө негизделген эмес. Өзөштүргөң материалын кайра айтып берүү алар үчүн оор маселе же татаал жумуштай сезилет.

**2. Окуганын түшүнүү**

Окуганын түшүнүү деген эмне?

**Окуганын түшүнүү** – окуган тексттин маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгү, аны интерпретациялоо жана окуган текстке карата өз пикирин/мамилесин калыптандыруу көндүмү. Бул башталгыч мектептен тартып окуучуларды үйрөтүү зарыл болгон маанилүү көндүм болуп саналат.

**Окуганын түшүнүү көптөгөн факторлорго байланыштуу болот:**

- ✓ туура окуй алуусунан (эгерде бала сөздү туура эмес окуса, анда ал бүтүндөй сүйлөмдүн маанисин түшүнбөй калат);
- ✓ сөздүн маанисин түшүнүүсүнөн;
- ✓ шар окуй алуусунан (эгерде бала муундап окуса, анда ага окуганынын маанисин эстеп калуу кыйынга турат);
- ✓ окуучунун турмуштук тажрыйбасынан жана билиминен;
- ✓ окуп жаткан учурда окуучунун эстутумунан, ой жүгүртүү жана элестетете билүүсүнөн.

***Окуганын түшүнүүгө үйрөтүүнүн стратегиялары:***

- ❖ окуганга чейин;
- ❖ окуу учурунда;
- ❖ окугандан кийин.

**3. Окуганын түшүнүү деңгээлдери**

| | |
|---|---|
| **Сөзмө-сөз (текстке жакын) түшүнүү** | **Түшүнүүнүн биринчи деңгээли – текстти кайталоо же түзүү жөндөмдүүлүгү, негизги маалыматты бөлүп алуу, башкы каармандарды, идеяны, окуянын болуп өткөн ордун, мезгилин, хронологиясын, сюжетин, кыймыл-аракетин аныктоо.** |
| **Ой жүгүртүп, талдап (аналитикалык) түшүнүү** | **Түшүнүүнүн экинчи деңгээли – автор тарабынан берилген ойду таба билүү, себеп-натыйжалык байланыштарын түшүнүү, интерпретациялоо жана талдоо, тааныш жана жаңы маалыматты салыштыруу көндүмдөрү.** |
| **Сынчыл баалап (критикалык) түшүнүү** | **Түшүнүүнүн үчүнчү деңгээли – бул текстке карата өзүнүн мамилесин, оюн калыптандыруу жана айта билүү көндүмү. Ошону менен бирге өзүнүн окуп түшүнгөнүн баалоо.** |

**Лекция №15**
**Тема: Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү стратегиялары**

ПЛАН:

1. Окуганга чейин.
2. Окуу учурунда.
3. Окугандан кийин.

***Өз алдынча иш***: *Стратегиялар боюнча көнүгүүлөр (1 стратегияны көрсөтүүгө даярдануу)*

**1. Окуганга чейин**

Текстти окуганга чейин колдонууга сунушталган стратегиялар окуучулардын буга чейин билгендери менен окуу процессинде ээ болгон жаңы маалыматтардын ортосундагы байланышты түзүү аркылуу алардын текстти/китепти окууга болгон кызыгуусун арттырууга багытталган. Буга теманы, аталышты же тема боюнча окуучунун болгон тажрыйбасы менен буга чейинки билимдерин активдештирүү аркылуу шарт түзүлөт. Бул баскычта жаңы сөздөрдүн, бейтааныш сөздөрдүн маанилеринин үстүндө иштөө, тексттин түзүлүшүн аныктоо, чыгарманын контексти менен алдын ала иштөө (автор тууралуу окуучулар эмнени билишет, китеп качан жазылган, иллюстрациялар барбы ж.б.) маанилүү орунду ээлейт.

**2. Окуу учурунда**

Окуу учурунда окуунун түрдүү форматтарын (моделдештирип, биргелешип, башкарып жана өз алдынча окуу) колдонуу менен окуучулар чыгарманын мааниси же идесы канчалык алар үчүн түшүнүктүү экендигин, ийгиликтүү өздөштүрүүлөрүн байкашат. Муну тексттеги негизги маалыматка жана аны ачып көрсөтүүчү бөлүктөргө көнүл, болжолдой алуу (б.а. көмүскөдөгү маанини түшүнүү үчүн буга чейинки билимин жана тажрыйбасын колдонуу), окуганга чейин түзүлгөн божомолдоолорду текшерүү жана тактоо, тексттеги идеялар менен окуялардын ортосундагы байланышты табуу, суроолорду коюу, визуалдаштыруу ж.б. шарттайт**.**

**3. Окугандан кийин**

Китепти окугандан кийин жалпылап, талдап жана сынчыл окуп түшүнүүсүн аныктоо максатында түрдүү стратегиялар жана көнүгүүлөр колдонулат. Окуганын түшүнүүнү талкуудан, жазуу жумуштарынан, драмалаштыруудан, графикалык уюштургучтарды пайдалануудан ж.б. билүүгө болот. Тексттен алынган маалымат окуучунун реалдуу жашоосунда, турмуштук түрдүү кырдаалдарда кандай колдонуларын аныктап алуу маанилүү. Андан ары текстти окууну талкуулоо, демек, билимдерди кеңейтүү жыйынтыктоочу баскыч болуп саналат.

**Лекция №16**
**Тема: Окуганга чейин стратегиясы**

ПЛАН:

1. Китеп менен таанышуу.
2. Буга чейинки тажрыйбаларын,билимдерин активдештирүү.
3.Болжолдоо.

***Өз алдынча иш***: *Китеп менен иштөө*

**1. Китеп менен таанышуу.**

**Китеп менен таанышуу** чыгарманын аталышын, темасын, авторун, иллюстрацияларын үйрөнүү, форматын жана жанрын аныктоо менен башталат. Мунун баары текстти өздөштүрүү

жана чыгармада камтылган маанини терең түшүнүү үчүн колдонулган окуунун максаттарын жана стратегияларын окуучулардын аныктоосун шарттайт.

| Стратегиялар | Стратегиялардын баяндалышы |
|---|---|
| **Китеп менен тааныштыруу** | Китеп менен таанышуу чыгарманын аталышын, темасын, авторун, иллюстрацияларын үйрөнүү, форматын жана жанрын аныктоо менен башталат. Мунун баары текстти өздөштүрүү жана чыгармада камтылган маанини терең түшүнүү үчүн колдонулган окуунун максаттарын жана стратегияларын окуучулардын аныктоосун шарттайт. |
| **Мурда ээ болгон билимдерди жана тажрыйбаларды актуалдаштыруу** | Өзүнүн жеке тажрыйбасы менен чыгармада чагылдырылган тажрыйбанын байланышын, бул китептин темасы/идеясы боюнча окуучулар буга чейин ээ болгон билимдерин аныктоо алардын чыгарманын маанисин терең түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. |
| **Божомолдоо** | Божомолдоо чыгармада кандай маалымат же окуя баяндалгандыгын божомол менен (гипотезалап) айтууну түшүндүрөт. Окуу мезгилинде же окугандан кийин окуучулар өз божомолдорун тактап, карап же текшерип алышса болот. Божомолдоо окуучунун мурда ээ болгон билимдерин текстти окуу мезгилинде алган жаңы билимдери менен байланыштырат. |

**2. Буга чейинки тажрыйбаларын, билимдерин активдештирүү.**

***Өзүнүн жеке тажрыйбасы менен чыгармада чагылдырылган*** тажрыйбанын байланышын, бул китептин темасы/идеясы боюнча окуучулар буга чейин ээ болгон билимдерин аныктоо алардын чыгарманын маанисин терең түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

**3.Болжолдоо.**

***Божомолдоо*** чыгармада кандай маалымат же окуя баяндалгандыгын божомол менен (гипотезалап) айтууну түшүндүрөт. Окуу мезгилинде же окугандан кийин окуучулар өз божомолдорун тактап, карап же текшерип алышса болот. Божомолдоо окуучунун мурда ээ болгон билимдерин текстти окуу мезгилинде алган жаңы билимдери менен байланыштырат

**Лекция №17**

**Тема: Окуу учурунда стратегиясы.**

ПЛАН:

1. Башкы идея жана аны ачып берүүчү бөлүктөр.
2. Визуалдаштыруу, жоромолдоо.
3. Суроо коюу, үн чыгарып ой жүгүртүү.

***Өз алдынча иш***: *Китеп менен иштөө*

**1. Башкы идея жана аны ачып берүүчү бөлүктөр**

Окуучулар чыгарманын башкы идеясын аныктоону билиши керек жана аны түшүнүүнү шарттаган бөлүктөрдү таба алышы керек. Бул үчүн окуу учурунда сөздүн, сүйлөмдүн, абзацтын, бөлүмдүн, чыгарманын маанисин толугу менен түшүнүү абзел.

**2. Визуалдаштыруу, жоромолдоо**

**Визуалдаштыруу** – бул окуучунун окуган чыгармасынын маанисин кабыл алууну шарттаган тексттин идеясында коюлган образдын жаралышы (каармандар, орду, мезгили, бөлүктөры ж.б.). Визуалдаштыруунун милдети – окуп жаткан чыгарманын картинасын элестететип көрүү, өз кыялында ошол жерде, ошол мезгилде, ошол доордо болуп, башкы

идеяны, окуянын өнүгүшүн жана каармандардын иш-аракеттерин жакшы түшүнүү үчүн элестүү, каймана түрүндө айтып берүү. Болуп жаткан нерсени менталдык карта, сүрөт тартуу, драмалаштыруу ж.б. аркылуу визуалдаштырууга же көрүүгө болот.

**Жоромолдоо** – бул текстти окуу мезгилинде же окугандан кийин окуучулардын жасаган корутундусу. Бул – өздүк тажрыйбасын жана окуган текстинин маанисин түшүнүү үчүн мурда ээ болгон билимин колдонуу же автор эмне тууралуу айткысы келгендигин таба алуу билгичтиги.

**3. Суроо коюу, үн чыгарып ой жүгүртүү**

**Суроолорду түзүү** окуучуларды текст менен өз ара тыгыз байланышууга мүмкүнчүлүк берет. Демек, суроолор аркылуу окуучулар эмнени окуп жаткандыгын аныктап, түшүнүп алышат. Окуучулардын окуу процессинде суроо берүүсү – бул алардын өзүлөрүнүн окуп түшүнүүсүнө жүргүзгөн мониторинги десек болот.

**Үн чыгарып ой жүгүртүү** – бул окуп түшүнгөнү боюнча үн чыгарып ойлонуу. Анын жардамы аркылуу окуучулар окуган текстинин маанисин түшүнүшөт. Бул стратегияны колдонуунун максаты – окуган текстти түшүнүү кантип калыптанарын окуучуларга көрсөтүү.

**Лекция №18**

**Тема: Окугандан кийин стратегиясы**

План:

1. Түшүнгөнүн айтып берүү.
2. Жалпылоо, байланыш түзүү.
3. Окуган чыгармасын талдоо.
4. Окуганын түшүнгөнүн баалоо

***Өз алдынча иш*:** *Стратегиялардын мааниси*

**1. Түшүнгөнүн айтып берүү**

Айтып берүү – бул окуган тексттин сөзмө-сөз (текстке жакын) түшүнгөнүн же окуган тексттинин жалпы мааниси түшүнгөнүн аныктоого мүмкүнчүлүк берген оозеки кайра жаратуу же түзүү. Кайра айтып берүүнүн төрт түрү бар: толук, тандоо менен, кыскача жана чыгармачылык менен.

**2. Жалпылоо, байланыш түзүү**

Жалпылоо – бул окуган чыгармасын, тексттен же китептен алынган маалыматтарды кошуу үчүн анын негизги маанисин, окуясын же бөлүгүн (каарман, орду, мезгили) өз сөзү менен кыскача билдирүү.

Текстке/китепке карата өзүнүн мамилесин аныктоо максатында окурман тарабынан окулган чыгарма менен аны курчаган чөйрө жана окуган башка китептеринин ортосундагы өз ара байланышты табуу керек. Байланыштарды аныктоо китеп окуучуда болгон тажрыйбаларга канчалык жакын экендигин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет, анын билимин байытат, баалуу, пайдалуу болгон же тескерисинче ойго салган негизги маалыматты берет; бул китеп окуучунун андан ары өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет.

**3. Окуган чыгармасын талдоо**

Окуган текстин/чыгармасын талдоо – бул идеяны, стилди түшүнүү, көйгөйлөрдү чечүү же тексттеги фактыларды жана маалыматтарды терең түшүнүү максатында салыштыруу. Башталгыч мектепте талдоо үч багытта болот: сюжеттик-образдык, проблемалык, стилистикалык, салыштыруу.

**4. Окуганын түшүнгөнүн баалоо**

Бул тексттин мазмунуна же формасына карата рефлексия жана ага коюлган баа, текстте коюлган идеяларга, каармандарга карата өз оюн билдирүү жана окуганынын негизинде буга чейин ээ болгон билимдери менен тажрыйбаларын кайра түшүнүү.

## ПРАКТИКАЛЫК САБАКТАРДЫН ИШТЕЛМЕДЕРИ

**№1.**
**Тема** ***Сөз өстүрүү жумуштарынын мааниси***

***Талкууланууччу суроолор***
1. Тил жөнүндө түшүнүк.
2. Кептин практикада колдонулушу.

***Көрсөткүчтөр:***
– тил деген түшүнүктү чечмелеп бере алса;
- кептин практика жүзүндө колдонулушун көрсөтүп бере алса.

**№2**
**Тема:** ***Тил жана кептин практикада колдонулушу***

***Талкууланууччу суроолор***
1. Тил жөнүндө түшүнүк.
2. Кептин практикада колдонулушу.

***Көрсөткүчтөр:***
– тил деген түшүнүктү чечмелеп бере алса;
- кептин практика жүзүндө колдонулушун көрсөтүп бере алса.

Тил карым-катыш куралы экендигин бир топ окумуштуулар, даанышмандар тастыктоого аракет кылышкан. Анткен менен тил жөнүндө көп притчалар жана учкул сөздөр да бар. м: Тилдин сөөгү жок, өнөр алды - кызыл тил, тилден уу да тамат, бал да тамат. ж.б. у.с. Тилдин келип чыгышы кепти пайда кылгандыгы талашсыз. Деги эле пикир алышуу ишинде ТИЛДИН орду чоң. Кептин оозеки жана жазуу формасы кеңири колдонулат. “Кеп” түшүнүгү лингвистикада, психологияда, педагогикада, методикада кенири кездешүүчү предмет аралык түшүнүк. Педагогикада кеп, биринчиден мугалимдин кеп өстүрүүдөгү аракетин, экинчиден окуучулардын кептик ишмердүүлүгүн чагылдырат.
Кеп ишмердүүлүгү угуу, окуу, жазуу, сүйлөө процесстеринен турат. Угуу процесси айтылып жаткан ойдун негизги маанисин түшүнүүнү, аны эсте кастап калууну талап кылат. Ошондуктан көңүл коюп уга билүү, айрым негизги жерлерин кагазга түшүрүү, айтылгандарга анализ жүргүзүү, айрым суроолорду коё билүү сыяктуу билгичтиктерге окуучуларды көнүктүрүү керек.
1-тапшырма.
Ар биринер өз алдынарча кайсыдыр бир күнүмдүк темада ойлонгула. Анан жубун менен аңгемелешкиле
2-тапшырма
Текст менен иштөө.
Тексттер таркатылат. Анын негизинде жаны темада текст жаратышат. М: ТАБЫШМАК, АРАБАКЕЧ, БАШКАРМА
3-тапшырма
Макал-лакаптар .
Тил - көпүрө. Тил-дипломат. Тилдин асырети да касырети да бар. Тилди тыйсан көп нерсени аныктоого жетишесин.
4-тапшырма

Фразеологиялык сөздөргө бирден сүрөт тартып келесинер.
М: Эшек такалап жүрөт. Котур ташы койнунда. Колтугуна суу бүркүп ж.б.

**№3/5-6-7-8** ***Адабий окуу китебиндеги тексттер менен иштөө***

***Талкууланууч суроолор***

1. Башталгыч класстардын адабий окуу китеби.
2. Адабий окуу китебиндеги тексттер менен иштөө ыкмалары.

***Көрсөткүчтөр:***

- адабий окуу китебине талдоо жүргүзө алса ;
- окуу китебиндеги тексттер менен иштөө ыкмаларын билсе.

Адабий окуу китебинин толук мазмуну менен таанышып чыгышат жана ага талдоо жүргүзүшөт. Адабий окуу китеби окуу үчүн тексттерге бай. Андан каалаган текстти алып, анын айланасында талкуу болот. Мисалы, адабий окуу китебинин бет ачары: мукабасынан тартып, ичиндеги бөлүмдөргө чейин талдоо болот. Андан соң каалаган бир теманы алып, ага карата талдоо болот.
Тайпадагы стууденттерди оюндун негизинде топторго бөлүп алабыз. Капитан кораблде. Мында бардык студенттер катышат. Аларга капитан кораблде деген буйрук берилгенде колун чекесине серепчилеп, ары-бери басып калышат. Колго кол, бутка-бут же чыканакка чыканак, же бештен, экиден деген буйруктар берилгенде ошол айтканды так аткаруу керек.

1-тапшырма.
1-топко: китепти тааныштыруу презентациясы.
2-тапшырма
2-топко: чыгарманын мазмунун сүрөт менен көрсөткүлө
3-тапшырма
3-топко: чыгармадагы силер үчүн жаңы сөздөрдүн негизинде текст жараткыла.

**№4/9-10-11-12 Тексттин синтаксистик курулмалары**

***Талкууланууч суроолор***

1. Тексттин синтаксистик курулмалары.
2. Сөз, сөз айкашы, сүйлөм

***Көрсөткүчтөр:***

- текстин синтаксистик курулмаларын билсе ;
- сөз, сөз айкашы, сүйлөм жөнүндө өз алдынча сүйлөп бере алса.

Адабий окуу китебинен бир чыгарманы тандашат жана анын толук мазмуну менен таанышып чыгышат жана ага талдоо жүргүзүшөт. Адабий окуу китебиндеги бул чыгарманын ичинен атайын синтаксистик курулмаларды бөлүп көрсөтүшөт. Андан каалаган бөлүгүн алып, анын айланасында талкуу болот. Мисалы, чыгармадагы жаңы контексттин бет ачары: сөздөн тартып, ичиндеги бөлүмдөргө чейин талдоо болот. Андан соң каалаган бир контекстти алып, ага карата талдоо болот.
Тайпадагы стууденттерди оюндун негизинде топторго бөлүп алабыз. Шакарап. Мында бардык студенттер катышат. Аларга ар бирине ат коюп чыгылат. Андан соң шакарап деген буйрук берилгенде аралашып, ары-бери басып калышат. Кайсыдыр бир жашылчанын атын айтканымда ошолор топ боло калышат. Ар канадай буйруктар берилгенде ошол айтканды так аткаруу керек.

1-тапшырма.
1-топко: текстти тааныштыруу презентациясы.
2-тапшырма

2-топко: чыгарманын мазмунун сүрөт менен көрсөткүлө
3-тапшырма
3-топко:  чыгармадан чыгарма жаратуу.

**№5/13-14-15-16 Кептин түрлөрү боюнча текст түзүүгө үйрөтүү *(ДИЛБАЯН)***

***Талкуулануучу суроолор***
1. Кептин түрлөрү.
2. Текст түзүүгө үйрөнүү.
3. Дилбаян.

***Көрсөткүчтөр:***
- кептин түрлөрүн билсе ;
- текст түзүүнүн айрым ыкмаларын көрсөтүп бере алса;
- дилбаян жазуунун ыкмаларын толук өздөштүргөн  болсо.

Мында окуучуларга даяр тексттер берилет. (алар өзүү каалаган Адабий окуу китеби) Андан соң каалаган бир контекстти алып, ага карата талдоо болот. Дилбаян үчүн сунушталган текстердин үстүнөн талдоо болот. Алар даярданган текстке анализ-синтез жүрөт.
Тайпадагы стууденттерди оюндун негизинде топторго бөлүп алабыз. Шакарап. Мында бардык студенттер катышат. Аларга ар бирине ат коюп чыгылат. Андан соң шакарап деген буйрук берилгенде аралашып, ары-бери басып калышат. Кайсыдыр бир жашылчанын атын айтканымда ошолор топ боло калышат. Ар канадай буйруктар берилгенде ошол айтканды так аткаруу керек.

1-тапшырма.
1-топко:  Дилбаян жазууну ишке ашыргыла.
2-тапшырма
2-топко: Өзү жараткан чыгарманын мазмунун сүрөт менен көрсөткүлө
3-тапшырма
3-топко:  чыгармадан чыгарма жаратуу.

**№6/17-18** ***Тексттеги стилдердин маанисин үйрөнүү***

***Талкуулануучу суроолор***
1. Текстеги стилдер.
2. Стилдердин мааниси.
3. Илимий стиль

***Көрсөткүчтөр:***
- стиль жөнүндө айта алса;
- стилдин түрлөрүн атап берсе;
- илимий стилге мисал келтире алса.

Окуучуларга СТИЛЬ дегенди кандай түшүнөсүңөр? деген суроо ташталат. (алар өзү каалагандай формада суроолорго жооп издей башташат) окуучулар айткан ойлор доскага тизмектелип жазылат. Андан соң фасилитатордун жардамында каалаган бир контекстти алып, ага карата талдоо болот. Стиль үчүн сунушталган тексттердин үстүнөн талдоо болот. Алар даярданган текстке анализ-синтез жүрөт.
Тайпадагы студенттерди оюндун негизинде топторго бөлүп алабыз. Шакарап. Мында бардык студенттер катышат. Аларга ар бирине ат коюп чыгылат. Андан соң шакарап деген буйрук берилгенде аралашып, ары-бери басып калышат. Кайсыдыр бир жашылчанын атын айтканымда ошолор топ боло калышат. Ар канадай буйруктар берилгенде ошол айтканды так аткаруу керек.
Баардык топко бирдей тапшырма берилет: стилдин түрлөрү боюнча материалдарды топтогула.
**1-тапшырма**.

1-топко:  Сүйлөшүү стили.
**2-тапшырма**
2-топко: Илимий стиль
**3-тапшырма**
3-топко:  Иш кагаздар стили.

**Илимий стиль**

Жолдош мугалимдер!
2019-жылдын 3-октябрында мугалимдер күнүнө карата “Эжейлерим, агайым” аталышындагы салтанаттуу кече болот. Кече саат 14.00дө чон жыйындар залында (ЧЖЗ) өтөт. Бардык мугалимдер салтанаттуу кечеге келип катышуусу зарыл. Кеченин сонунда атайын окуучулар тарабынан концерттик проргграмма тартууланат.

..........................................................................................................................

**Сүйлөшүү стили**
Жалал-Абад - Кыргызстандагы эң кооз шаарлардын бири. Анын калкынын санынын 65-70 %н жаштар түзөт. Аталган шаар деңиз деңгээлинен 1890 м бийиктикте жайгашкан. Анын чыгыш тарабындагы бөксө тоонун кыркасында атактуу “Жалал-Абад” курорту бар. Анын негизделгенине үстүбүздөгү жылы 85 жыл толот. Анын  жылуу суулары адамдын ички оргондарына жагымдуу дары катары пайдаланылып келинет. Ага кыргазстандан эле эмес,дүйнө жүзүнүн булуң-бурчтарынан келишип, дарыланып кетишет.

**Иш кагаздар стили**
- Айгүл, сен качан келдиң?
- Азыр эле келдим. И эмнеге сурадың?
- Анын себеби,сени кечээ келди деп уккан элем, эми эле келген турбайсыңбы ээ?
- Ооба, буйруса силер жакка да барам го.
- Албетте, кел.
- ....
- (0)........... сандын суммасын, өзүн да окугун
-

**№7/19-20-21-22**   ***Текстти көркөм окуу.***

***<u>Талкууланууччу суроолор</u>***
1. Текстеги стилдер.
2. Стилдердин мааниси.
3. Илимий стиль
4. Телерадиоберүүлөргө, басылмаларга талдоо жүргүзүү (“Бөбөк сенин жомогуң”, “Рабаят”, “Байчечекей” ж.б.)

***<u>Көрсөткүчтөр:</u>***
- тексттеги стилдерди аныктап бере алса;
- стил жөнүндө билсе;
- илимий стилге анализ берсе жана анын үстүндө иштей  алса;
- телерадиоберүүлөгө, басылмаларга талдоо жүргүзө алса.

Окуучуларга СТИЛЬ дегенди кандай түшүнөсүңөр? деген суроо ташталат. (алар өзү каалагандай формада суроолорго жооп издей башташат) окуучулар айткан ойлор доскага тизмектелип жазылат. Андан соң фасилитатордун жардамында тексттеги стилдер жөнүндө сөз болот, анда атайын алдын ала тандалып алынган текстке карата стиль боюнча талдоо болот. Алар даярданган текстке анализ-синтез жүрөт.

Андан соң фасилитатор аларды оюндун негизинде топторго бөлөт. Анда ***МОЛЕКУЛА+АТОМДОР*** деген оюн ойнотулат. Мында бардык студенттер катышат. Аларга башкаруучу команда берет. молекула, 10град+20 град., 30 град ж.б. улам жогорулаган сайын алар тез кыймылдап анан 3төн, 5тен....ж.б... командага карата көрсөтмө аткарышат. Ошентип топ түзүп алабыз.

Ар бир топко өзүнчө тапшырма берилет.

**1-тапшырма**.

1-топко: Чыгарманын темасы эмне үчүн ошондой?

**2-тапшырма**

2-топко: Бул чыгармада илимий стил барбы, болсо аныктап бергиле

**3-тапшырма**

3-топко: ***ТЕЛЕБАЙЛАНЫШ*** уюштуруу жана ага анализ берүү. Мында студенттер чыгармачылыгына жараша телевизордон чыгышат. Бир берүүнү алып барышат.

Кийинки тапшырма жалпы берилет анда текстти көркөм окушат. Анда берилген тапшырмаларга карата студенттер өзүлөрү тандап алган тексттерди образдуу, көркөм окуп берүүгө аракетттенишет. Аларга атайын тексттер даярдалат жана таркатылат.

Таркатма материалдарга тапшырмалар:

1.”Манас” эпосунан үзүндү аткаруу
2. Бул текстти образдуу оку.
3. Бул ырды үн кубултуп оку.
4. Текстти купуя оку жана мазмунун айтып бер.
5. Текстти андан ары ула...
6. Текстти өзүң түгөй таап, ролдоштуруп окугула.
7. Тексттен публицистикалык стилге таандык сөздөрдүн астын сызып, белгилеп көрсөт.
8. Көркөм стилге таандык сөздөрдүн астын сызып көрсөт.
9. Официалдуу иштиктүү стилге таандык сөздөрдү таап белгиле.
10. Башыңдан өткөн бир окуяны көркөм, образдуу кылып айтып бер (юмор,трагедия, камедия, трагикамедия, драма).

**№9/23-24-25-26** ***Куурчак театрын түзүү жана анын үстүндө иштөө.***

***<u>Талкууланууч</u>у <u>суроолор</u>***

1. Театр жана сахна.
2. Куурчак театры.
3. Куурчак театрынын тарбиялык мааниси

***<u>Көрсөткүчтөр:</u>***

- театр жана сахна жөнүндө түшүндүрүп бере алса;
- куурчак моделин жасай алса;
- КТнын тарбиялык маанисин билсе.

Окуучуларга ТЕАТР жана КУУРЧАКТАР дегенди кандай түшүнөсүңөр? деген суроо ташталат. (алар өзү каалагандай формада суроолорго жооп издей башташат) окуучулар айткан

ойлор доскага тизмектелип жазылат. Андан соң фасилитатордун жардамында куурчактардын макети таркатылып берилип, ошол боюнча жаны образдарды жаратып,саахнага алыпчыгуу каралган. Анда атайын алдын ала тандалып алынган текстке карата ТЕАТР боюнча талдоо болот. Алар даярданган тексттин негизинде анализ-синтез жүрөт.
Андан соң фасилитатор аларды оюндун негизинде топторго бөлөт. Анда ***САЛАТ*** деген оюн ойнотулат. Мында бардык студенттер катышат. Аларга башкаруучу команда берет. жашылчалардын аттары аталат ж.б. улам айткан сайын алар тез кыймылдап анан 3төн, 5тен....ж.б... командага карата көрсөтмө аткарышат. Ошентип топ түзүп алабыз.
Ар бир топко өзүнчө тапшырма берилет.
**1-тапшырма**.
1-топко: Куурчактар менен иштөө?
**2-тапшырма**
2-топко: Сахнаны жасалгалоо
**3-тапшырма**
3-топко: Тексттин негизинде көрүнүш коюу

**№ 10/27-28-29-30 Текстти образдуу окуу, тексттеги эмоциалдык абал.**

***<u>Талкуулануучу суроолор</u>***
1. Текстти образдуу окуу.
2. Текстеги эмоциялдык абал.

***<u>Көрсөткүчтөр:</u>***
- текстти образдуу окуй алса;
- тексттеги эмоциялык абалды ачып берсе.

Окуучуларга тексти окуу жана андагы эмоционалдык абал жөнүндө айтабыз. Эмоциоанлдык абал дегенди кандай түшүнөсүңөр? деген суроо ташталат. (алар өзү каалагандай формада суроолорго жооп издей башташат) окуучулар айткан ойлор доскага тизмектелип жазылат. Андан соң фасилитатордун жардамында атайын таркатма материалдар таркатылып берилет, ошол боюнча жаны образдарды жаратып, аларда эмоццоналдык абалды алып чыгуу каралган. Анда атайын алдын ала тандалып алынган текстке карата көркөм окуу боюнча талдоо болот. Алар даярданган тексттин негизинде анализ-синтез жүрөт.
Андан соң фасилитатор аларды оюндун негизинде топторго бөлөт. Анда ***КАПИТАН КОРАБЛДЕ*** деген оюн ойнотулат. Мында бардык студенттер катышат. Аларга башкаруучу команда берет. капитан кораблде, 2ден, бутка бут, колго кол 5тен ж.б. алар тез кыймылдап анан 3төн, 5тен....ж.б... командага карата көрсөтмө аткарышат. Ошентип топ түзүп алабыз.
Ар бир топко өзүнчө тапшырма берилет.
**1-тапшырма**.
1-топко: тексти көркөм окуу?
**2-тапшырма**
2-топко: Сахнаны жасалгалоо
**3-тапшырма**
3-топко: Тексттин негизинде көрүнүш коюу

**№11/31-32. Адабий окуу китептериндеги тексттерди ролдоштуруп окуу (сабактын иштелмеси)**

***<u>Талкуулануучу суроолор</u>***
1. Адабий окуу китебиндеги тексттер менен иштөө;
2. Тексттерди ролдоштуруп окуу технологиясы.
3. Сабактын иштелмеси.

***Көрсөткүчтөр:***
- текcттер менен иштей алса;
- тексттерди ролдоштуруп окуу технологиясын билсе;
- сабактын иштелмесин түзө алса.

Окуучуларга текстти ролдоштуруп окуу жана тексттин үстүндө иштөөнүн технологиялары менен тааныштыруу. Ролдоштуруп окуу дегенди кандай түшүнөсүңөр? деген суроо ташталат. (алар өзү каалагандай формада суроолорго жооп издей башташат) окуучулар айткан ойлор доскага тизмектелип жазылат. Андан соң фасилитатордун жардамында атайын таркатма материалдар таркатылып берилет, ошол боюнча көркөм окуу, аларда образга кирүү каралган. Анда атайын алдын ала тандалып алынган текстке карата ролдоштуруп окуу боюнча талдоо болот. Алар даярданган тексттин негизинде сабактын иштелмелери иштелип чыгылат жана ага карата анализ-синтез жүрөт.

Андан соң фасилитатор аларды оюндун негизинде топторго бөлөт. Мында бардык студенттер катышат. Аларга башкаруучу команда берет., 2ден, бутка бут, колго кол 5тен ж.б. алар тез кыймылдап анан 3төн, 5тен....ж.б... командага карата көрсөтмө аткарышат. Ошентип топ түзүп алабыз.

***Ар бир топко өзүнчө тапшырма берилет.***

**1-тапшырма**.

1-топко: текстти ролдоштуруп окуу?

**2-тапшырма**

2-топко: текстти коркөм окуу

**3-тапшырма**

3-топко: атайын куурчактарды пайдаланып көрүнүш коюу.

**№12/33-34-35.** ***Окуунун түрлөрү.***

***Талкууланууучу суроолор***

1. Тыным менен окуу
2. Купуя окуу.
3. Интонация.
4. Образдуу окуу.

***Көрсөткүчтөр:***
- *окуунун түрлөрүн билсе;*
- *тыным менен окуунун ыгын билсе;*
- *текстти купуя окуп түшүнүгүн айттыра алса;*
- *интонацияны сактап окуса.*
- *образдуу окууну билсе.*

